
С кырг
13

*Набиева Баринуса*

# ӨМҮРДҮН ӨР ЖОЛУНДА





Скарп
Н 13

*Набиева Баринуса*

# ӨМҮРДҮН ӨР ЖОЛУНДА

*Ырлар*



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487465

Бишкек - 2022

АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5
Н-99

Набиева Баринуса.
Н-99 **Өмүрдүн өр жолунда.** Ырлар
- Б.: 2022. - 154 б.

ISBN 978-9967-9377-9-5

*Урматтуу окурман!*

*Сиздердин колуңуздардагы Набиева Баринуса эженин "Өмүрдүн өр жолунда" аттуу ырлар жыйнагы көкүрөгүнөн Жанар тоодой жарылып чыккан патриоттук, Мекенге, азыркы ушул тапта болуп аткан көрүнүштөрдү келе жаткан муунга сабак, санат кылып жазган ырларына күбө боло аласыздар. Баринуса эже өмүрдүн өр жолунда бара жатса дагы, акыл байкап турганына карабай жүрөк деген көкүрөктү көтөртүп, чыгармачылыктын деми менен отуз жаш курагында жүргөндөй сезгенин угуп кубандым. Негизи эле чыгармачыл адамдар карыбайт. Бирок, бардык нерсени иргеп, ойлонуп карап калганы бар. Буга эженин жараткан "Өмүрдүн өр жолунда" ырлар жыйнагын айтсак болчудай. Анда адамзаттын жашоосундагы чоң маселелер камтылган. эженин ырлары ар бириңиздердин жандүйнөңөрдөн орун аларына чоң ишеним артуу менен чыгармачылыгына чоң-чоң ийгиликтерди каалайм.*

*Урматым менен Бай Жанышов.*

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-9377-9-5 © Набиева Б., 2022.

# ТУРМУШТУН КҮҢГӨЙ, ТЕСКЕЙИ

Мен азыр алтымышка чыккан кезим,
Угуп тур, көңүл коюп менин кебим.
Алтымыш жаш билинбестен өттү окшойт,
Бастым окшойт
САРЫ КАМЫШТЫН күңгөй жерин.

Турмушта күңгөй болот, тескейи болот,
Көңүлүң бир бөскөрүп, бирде толот.
Ар дайым толо болсо баркын билбей,
Алла-таалам теңдештирип ченеп коёт.

Ар дайым бактылуу боло бербейт,
Бакыт да жата берсе өзү келбейт.
Эмгектенип маңдай териң төгө албасаң,
Бекер сага берекесин бере бербейт.

Талантың ташкындап турса дагы,
Жете албайсың ат менен кууса дагы.
Комуско койгой болуп жүрө берет,
Аккан суу артка акпайт бурса дагы.

# КЫРГЫЗ КЫЗЫ ЭЛЕСИМ

Чоң акындын катарында эмесмин,
Кыргыздын бир кызы жүрөт элесим.
Алтымыш беш ашуусунда баратам,
Улгайсам да балдарыма керекмин.

Обонум жок ырларым бар ырдаган,
Окубаса, арман кылат көп адам.
Сөз төркүнүн – ырдын гүлүн теремин,
Ыр жаратып өзүмдү, өзүм сыйлаган.

Жөндөмүм бар жөнөкөйлүк издеген,
Көрө албастык, жаман сөздү билбеген.
Каалаймын мен баардыгына ийгилик,
Сөз кадырын, тил кадырын түптөгөн.

## ТИЛ БАЯН

Кыргыз тилин кадыр туткун, сатпагын,
Кыргыз тилин карегиңдей сактагын.
Кыргыз туусун тумандатып кирдетпей,
Даңктап баалап, илип алып барктагын.

Тил сүйлөгөн, тил үндөгөн ураанга,
Акысы жок башка тилге бурганга.
Туубуз турса күн чыгышта желбиреп,
Дили барбайт түбү менен жулганга.

Тил билбесең, барган жерде жүдөйсүң,
Тил билбесең, сүйлой албай сүрдөйсүң.
Диниң дагы, тилиң дагы бир болсо,
Бак-дарактуу аппак болуп бүрдөйсүң.

Сөз сүйлөтүп, ырды дагы ырдатат,
Күлкү менен күйөрманды жыргатат.
Тууган-урук, конок келсе үйүңө,
Сүйлөп туруп сүйүндүрүп сыйлатат.

Тамак даамын тилиң менен сезесиң,
Саламдашып оң колуңду бересиң.
Тарта сүйлөп, акыл менен иш кылсаң,
Сен калкыйсың сүзүп көлдүн кемесин.

Оң жолуңа, солго дагы тил барат,
Жан дүйнөңдү жабыркатпай жайгарат.
Бир айтканың он кайталап эзилсең,
Турмушуңду, тагдырыңды талкалайт.

## БИР МҮЧӨБҮЗ – ТИЛИБИЗ

Мен тилимди оңго, солго бура алам,
Жаман, жакшы сөздү таамай уга алам
Өзүмдөгү мээримди мен бере алсам,
Тууган, достор, балдарымды сугарам.

Мындай майрам, көп, көптөрдүн өткөрдүк,
Бүгүн дагы ыр окуунун жөн көрдүк.
Ырларыбыз жаш муундарга жетсин, деп,
Толо куржун ат үстүнө бөктөрдүк.

Эң керектүү бир мүчөбүз – тилибиз,
Жанчылбасын Жан дүйнөбүз, дилибиз.
Аздектеп биз, этияттап сүйлөсөк,
Түбөлүктүү болот биздин сүйүүбүз.

* * *

Акындар ырды жазат,
Ойдогу сырды жазат.
Жүрөктү өйүп жүргөн
Өзүндө муңду жазат.

Шар аккан сууну жазат,
Байкабай жутуп алган
Оозунда ууну жазат.

Оргуштап агып жаткан
Сайдагы сууну жазат.
Асманда шоола чачкан
Агарган таңды жазат.

Булуттун арасында
Буулуккан күндү жазат.
Бул өмүр аманат деп
Уйкуда түндү жазат.

Мээримин төгүп турган
Эненин өзүн жазат.
Мейкинди көрүп турган
Атанын көзүн жазат.

Жылуулук берип турган
Ыпысык колун жазат.
Айтылып, айтылбаган
Чындыктын өзүн жазат.

Чындыкты көрө албаса
Ыр менен оозун басат.

# ТИЛ МЕНЕН

Жазганың да, жаттаганың тил менен,
Жакшы сөзүң, максатың да тил менен.
Тээ алыста, жакын жерде жүрсөң да,
Кел бери, деп, чакырганың тил менен.

Тилибизди, динибизди алмашпай,
Түз басалы, кадам таштап, адашпай.
Төгөрөктүн төрт бурчуна кол сунуп,
Сен, мен, дешип эсептешип, санашпай.

Жетсең дагы, асмандагы булутка,
Кыргыз болуп жаралганың унутпа!
Чын дилиңденэлге кызмат кылам, деп,
Баратасың белди байлап жумушка.

Баардык ишке тилиң менен сүйлөйсүң,
Тилиң туруп үн-сөзү жок жүрбөйсүң.
Жүрөгүңдө эч жылуулук болбосо,
Күч колдонуп эч бир жанды сүйбөйсүң.

## ЗАМАНГА

Биз замандынжакшысын да өткөрдүк,
Союз учур, теңдештикти көп көрдүк.
Заманыбыз эгемендик алмашып,
Кыргыз тууну желбиретип, көтөрдүк.

Бийлигибиз, бир заматта алмашты,
Билбегени, билгени, да кармашты.
Элге керек мейкин талаа, жерлерин
Сатып, сатып,каалагандай калчашты.

Күйүп, күйүп ыр жазышты акындар,
Сүйлөп жатты эл түшүнгөн баатырлар:
"Эсиңе кел, ойгонгунуң, бийлик", деп,
Ойгонбоду жеп-жутарлар, саткындар.

## ЖЕТИ ДУБАН КАЛКЫМА

Байге десең, баш-отумду салбайын,
Аз да болсо ыр жөнөтүп арнайын.
Татыбасам талабыңа, мейличи,
Начар акын мен аталып калбайын.

Бишкек деген – борбор шаар калаабыз,
Сагынганда самап барып калабыз.
Дордой базар – түрдүү соода орундар,
Үй-бүлөөнү үшүтпөстөн багабыз.

Чүй өрөөнү – Бишкектин бир бөлүгү,
Эңседим мен ыр жаратып төгүүнү.
Ар улуттун жараны бар жашаган,
Аларда жок жик-жик болуп бөлүнүү.

Ош шаарыбыз күндөн күнгө өнүгөт,
Биринчи эле “Сулайман-Тоо” көрүнөт.
Мактанабыз, айта берип чарчайбыз,
Тамагы арзан, көп түрлөргө бөлүнөт.

Курорту бар – Жалал-Абадда жакшына,
Эс аласың отургансып тактыга.
Көп улуттар ден-соолугун чыңашат,
Ооругандын жаралган бейм бактына.

Көлдү көрсөң, асман түшүп калгандай,
Жакын барсаң, көк чөп төшөп салгандай.
Мемиреген мейкиндике көз жетпейт,
Ыйман менен бизге кучак жайгандай.

Нарынды мен, көрө элек экенмин,
Көрөйүн, деп көп-көп эңсеп келемин.
Кышы катаал, суугу катуу, деп угам,
Сезип келем кайраттуу эл экенин.

Таластын сен барган белең өзүнө,
Манас турат типтик карап көзүңө.
Байыртадан тарыхка тан бересиң,
Каныкейдей энекемдин көркүнө.

Баткенибиз – Оштун болот түркүгү,
Көтөрүлгөн асман тиреп түндүгү.
Чек араны бекем сактап турушат,
Өндүрүлөт өрүктөрдүн көп түрү.

# ӨЗГӨЧӨРӨӨК БУЛ МАЙРАМ

Өзгөлөрдөн өзгөчөрөөк бул майрам,
Аялзатын даңазалап, даңктаган.
Таман алды – бейиш го деп аялдын,
Бүткүл элдер, баалап бизди барктаган.

Аялдарга, бир келүүчү убакыт,
Убакытты пайдаланыш – бул бакыт.
Бардык аял бирдей жашоо кечирбейт,
Бир күн туман, бир күн болот жапжарык.

Ушул майрам баарыбызга кут болсун,
Башыбызга опол тоодой кут консун.
Орундалып ойлогон ой-максаттар,
Бир баштары экөө болуп жуп болсун.

# СҮМӨЛӨКТҮН ТАРЫХЫ

Айтып бүтпөс тарыхы бар сүмөлөк,
Биле жүр деп биз улуулар үндөсөк.
Каада-салты, озгөчө бир жагы бар,
Туура келбес дайым айта жүрбөсөк.

Кыйналганда аргасыздан чыккан дейт,
Ачарчылык ар тараптан кыскан дейт.
Ташты салып чоң казанга энелер,
Азыр бышат десе балдар күткөн дейт.

Уламышта улуу сөзгө байланып,
Ошол таштар сүмөлөккө айланып.
Токчулукка алас айтып апалар,
Калган экен “НООРУЗ” аты аталып.

Улут эли тамак-аштын түрү көп,
Ал тамактын маңызында дары чөп.
Курут майы, быштак, сүзмө, жармасы,
Ал мезгилде түр тамактын бири жок.

Канииет кылган, ынтымакка чакырган,
Дубал там жок, тамчы өтүп чатырдан.
Колдо бары эгин эгип талаага,
Сыдырым жел көккө буудай сапырган.

# ТУУЛГАН КҮНҮ ЧЫҢГЫЗДЫН

Туулган күнү келе жатат Чыңгыздын,
Көтөргөн го түндүгүн ал кыргыздын.
Чыгармасы чет элдерге таанылып,
Изи калды түбөлүккө кылымдын.

Чыңгызды биз укмак түгүл, көргөнбүз,
Көргөн сайын көңүлдөрдү бөлгөнбүз.
Чыгармасын, кинолорун көргөндөр,
Актёр болуп жашап дагы көнгөнбүз.

Кыргызды биз Чыңгыз го деп билебиз,
Китептерин аздектейбиз, сүйөбүз.
Алп акындын көзү өтүп кетсе да,
Аны дайым эскеребиз күтөбүз.

# АК ЭЛЕЧЕК, АК КАЛПАК

Ак Элечек, Ак Калпак кыргызыма жарашкан,
Кийип чыкса улан-кыз, көңүлдөрдү тазарткан.
Кооздоп оймо түшүрүп, кол ойнотуп апалар,
Аппак куштай кондуруп кыргыз үчүн жараткан.

Ак жибектен ак жоолук келиндердин башында,
Кудай кошкон түгөйү калпак кийип кашында.
Уул-кыздары көбөйүп, урматына бөлөнүп,
Айчүроктой аялы эгиз төрөйт жакында.

Калпак күнүн урматтап,
мен да жаздым чиймелеп,
Туура эмеспи, туурабы, ал тарабын ким билет.
Өмүр чиркин, токтобой, бар же жогун жоктобой,
Жаралган соң ааламга, жашагыла миң ирээт.

## ЭНЕ ТИЛИМ – ЫЙЫК ТИЛ

Мен төрөлгөм, эне тилим кайталап,
Мен төрөлгөм, эне сүтүн аймалап.
Өмүр, өлүм ортосунда кыйналып,
Апам жатты, келме сөзүн кайталап.

Энем байкуш, качан көзүн ачат, деп,
Калем кармап, качан оюн жазат, деп.
Атам жүрөт, кулдулуңдап сүйүнүп,
Ат ойнотуп, менин ордум басат, деп.

Тилеп келет, күндө берип батасын,
Жакшылыкка бөлүшөт ой-санаасын.
Бүлүндүрүп, шоктук кылып койсо эгер,
Билиндирбей оңдоп турат катасын.

Актайын деп, апам берген ак сүттү,
Чымырканып, жыйнап келем ал-күчтү.
Орундалсын ойлогон ой-максатым,
Апам, атам ошол күндү көп күттү.

## ЖАЗГЫ КАР

Булут жиреп бир тарапка сүргөндө,
Күндү карап аба ырайын күткөндө,
Алла таалам насип кылган буйрук, деп,
Алма гүлү жерге жайнап түшкөндө.

Кар жаады деп, капа болуп карадык,
Өрүк гүлү жерге түшүп сабалып,
Табийгаттын тартуулаган буйругун
Ага деле каалабадык жамандык.

Жашоо өтөт, насип кылат бир күнү,
Базарларда алма, өрүктүн көп түрү.
ЫРЫСКЫБЫЗ чектелбесин эч качан,
Оорутпайлы аппак назик көңүлдү.

АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487465

## ТАЛАНТЫҢДЫ ТАШТАБА

Ырларымда көп ойлорду жүктөдүм,
Келекелеп кээ бир жанга күлбөдүм.
Кези келсе барактарга ыр жөндөп,
Берип коюп жыйнап дагы жүрбөдүм.

Жашоомдо мен жалгыз өмүр сүрбөдүм,
Тазалыкты жандай көрүп сүйөмүн.
Кечиккеним сезип турам өкүнүп,
Чоң акындын катарында жүрбөдүм.

Турмуш менен алпурушуп жүргөндө,
Жайлоолордо жандуу өмүр сүргөндө.
Көп убакыт карегимден өтүптүр,
Ар тараптуу ишке көңүл бөлгөндө.

Дале болсо шүгүр кылып турайын,
Ыр жазууга бар күчүмдү бурайын.
Китеп чыгып өз колума алганда,
Балдарыма букет кылып сунайын.

Талант тура эң керектүү өзүңө,
Аздектесең катуу турсаң сөзүңө.
Буйрук экен жаштык кездин катасын,
Каниет кылып кабыл кылам өзүмө.

# ЭЛДИ КӨРӨМ

Элди көрөм, шапке кийген, кээси жоолук оронгон,
Элди көрөм, ирык-семиз, бою кыска томпойгон.
Кээси күлүп, кээси түшүп кабагы,
Өз алдынча басып жүрөт, алда нени ойлонгон.

Элди көрөм, узун-кыска, кызыл-жашыл кийинген,
Элди көрөм, жакшы кабар, маңдай жарып сүйүнгөн.
Аппак карда кышынан тайгаланып, жыгылып,
Жамгыр жааса чатыр кармап,
шашып үйгө жүгүргөн.

Элди көрөм, бирoo жалгыз, бирөө бала жетелейт,
Элди көрөм, алсыздарын алдуулары жекелейт.
Же кыргызстан, же тубаса жаралып,
Кетенчиктеп коомдон качып, элден алыс чекелейт.

Элди көрөм, бирoo табат адал оокат, ырыскы,
Элди көрөм, бирoo жасайт эч ойлонбой кылмышты.
Жалаа басып жеңил оокат, ойлогону жамандык,
Бүтүндөй эл, түгүн урук, уят кылат кыргызды.

Элди көрөм, кээси шашат, кээ бирөөсү жай басат,
Элди көрөм, бирoo алга, бирoo артка карашат.
Бирoo үйдө бала карап, бирoo чыгат базарга,
Кээ бирөөсү жолдошу бар, кээси жалгыз жатаарда.

# АЗДЕКТЕЙЛИ КИТЕПТИ

Кайрык деген сөздүн өзү улуудур,
Түшүнгөнгө тамчы суудай жылуудур.
Китеп баркын биле бербейт көп инсан,
Айткан сөзүм кээ бирөөнө туурудур.

Кремлдин жанында сен тургандай,
Окучу!.. деп, таазим кылып сунгандай.
Көркү менен сырдуу дүйнө керемет,
Аздектегин барактарын булгабай.

Биз багытын... Жашоо жолун билели,
Китеп баркын жандай көрүп сүйөлү.
Билинбеген акындарды чогултуп,
Кылым баскан даңгыр жолдо жүрөлү.

## ӨСПҮРҮМДӨРГӨ

Күн тийгенде ай да кошо тиеби,
Чырак өчүп, караңгыга киреби.
Кулагында телефон менен кулакчын,
Өмүр өтүп бараткanын билеби?

Өлүм деген көз ачканча келет го,
Кеч келсе да бир кабарын берет го.
Телефон тиктеп өткөрбөгүн өмүрдү,
Жашоо деген бир берилген белек го.

Ден-соолуктун амандыгын көп көрбө,
Пайдасын көр, бекер мезгил өткөрбө.
Эсиңе кел, уул-кыздарым өлкөнүн,
Оо дүйнөгө сапар алып өткөнчө.

Жамандыкты каалабаймын силерге,
Жакшыларга жазылып кой тизмеге
Насаат сөзүм, катуу кетсем кечиргин,
Акын экен жазып койду, ким? дебе.

## МЕКТЕБИМЕ

Мектебибиз тарыхы бар көп жылдык,
Орден, медаль. Алып келген көп сыйлык.
Директорлор, чыгаан кесип ээлерин,
Көзү өтсө да эскеребиз, бул Чындык.

Козу агайдын таазим кылам атына,
Билим үчүн түшкөн, узак жарышка.
Ар кесиптин ээси болгон балдары,
Кызмат кылат жети дубан калкына

Чыңгыз агай көп көмөгүн көрсөтөт,
Окуучунун сүйүнүчүн тең бөлөт.
Мактаганга Максат эжей татыктуу,
Билим берип, тамыр жайып, көгөртөт.

Бакыт агай сүрөттөрдү сүйлөтөт,
Толкун агай закондорду үйрөтөт.
Азаматы атына заты жарашкан,
МАИлердин жолун тосуп жүдөтөт.

Чынар эжей ата жолун улаган,
Жокту барга,  кем өксүктү кураган.
Көп жыл иштеп директорлук кызматта,
Жаман, жакшы сөздөргө да сынбаган.

Дөөлөт деген адам үчүн бир келет,
Эриш-аркак кесипкөйлөр бир жүрөт.
Рахатты мен эжейим деп түшүнсөм,
Акмат жездем өз кесибин так билет.

Баардык агай, эжейиме мактанам,
Тарбиясын, билимдерин сатпаган.
Апам да бар билим жолун улаган,
Чоң энем да, таенем да жакшы адам.

# ТОО КОЙНУНДА СЫРЛАРЫ

Тоолор тоого уланышат кыр-кырлар,
Элим үчүн ачыла элек көп сырлар.
Кези келсе насип кылып бир күнү,
Ачып коёр эр жигиттер, уул-кыздар.

Жай мезгили түбүнө эл жайгашкан,
Кымыз кылып желеге бээ байлашкан.
Турмуш улап ошол тоонун койнунда,
Кен байлыгы бар экенин байкашкан.

Тоолору көп кыргыз жерим койнунда,
Көркү менен кадам сайын жолунда.
Өз чөнтөгүн ойлобостон ажолор,
Иштери көп жигиттердин мойнунда.

## ӨТҮП КЕТКЕН ЗАЛКАРЛАР

Баардык акын жүрөктөрдүн төрүндө,
Убакыт тар күндө көңүл бөлүүгө.
Чыңгыз ага, Алыкулдар кандай залкар адамдар,
Колу барбай турган эле жер алдына көмүүгө.

Рыспайдын обондору дайым жашайт биз менен,
Агабыздан туяк калбай жакындарын күйгүзгөн.
Жарыкчылык, Өмүр кыска,
Жашоо өзү мезгил менен чектелүү,
Обон созсо зырылдатып кан айлантып жүргүзгөн.

Тизип жазсаң атактуулар калем сыя түгөнөт,
Айта берсең тандайыңдан чаң чыгарып сүйлөтөт.
Канча мезгил өтсө дагы кылым жылга айланып,
Жашайт алар биз сыяктуу жан дүйнөнү гүлдөтөт.

Ар тараптуу асыл жанга, талант берет АДАМГА,
Актёрлор бар, Таттыбүбүдөй Бакен эжем катарда.
Жайнап чыкса жай басканы сахнадан көз уялтып,
Үйгө кайткан күн кеч кирип уясына батаарда.

Аманатпыз бул жашоодо өмүрдө,
Кош жылдыздай кете берди Элмирбек да көңүлдө.
Ободогон Обон менен бажырайган чырайын,
Айткым келди Гүлзат кызым Гүлбүбүлөр жөнүндө.

Жаш курагын эске алдым, албаганга аргам жок,
Дагы, дагы таланттуулар чыгып жатат, көңүл ток.
Өмүрлөрүн узун кылып арабызда жүрсө экен,
Ойлор күлүк, ойлоп кетем,
жаман айтпай, жакшы жок.

## РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВ КӨЧӨ АЛЛЕЯГА

Биздин көчө көркүнө көрк коштубу,
Бажырайган жол чыракты койдубу.
Көсөмдүгү, эмгегинин далили,
САРПАШОВДУН салымынан болдубу.

Өз үйүнө, көмөчүнө күл тартпай,
Жаштар өссүн тетиригe жол баспай.
Күндөн күнгө Ош шаарыбыз өнүгүп,
Сен да кошул, катарыңан кеч калбай.

Бийлик, байлык дебей туруп оңдоду,
Эгилди го арча гүлдөр жол бою.
Таштандылап булгабайлы биз дагы,
Эли-журтум, биз да коштоп коёлу.

Рыспайдын атына шек келбесин,
Улуу инсан, элестеткин келбетин.
Ыр дүйнөсүн жазып койгон сезимге,
Шуру, мончок тизип кеткен берметин.

## ЭГЕМЕН ЭЛ, ЖЕР ҮЧҮН

Эгемен келип калды көз ачканча,
Ай чыгып, уясына күн батканча.
Адамдын көп өмүрүн түйшүк менен
Байлаптыр чектеп коюп мүнөт, саатка.

Эгемен болгон менен өзгөрдүкпү,
Канчалаган күндөрдү биз өткөрдүкпү.
Жашайбыз, жашоо үчүн күрөшөбүз,
Өзүбүзгө өзүбүз Сөз бердикпи?

Ушул күн, ушул мүнөт, жылга айланып,
Улантып ал-күчтү биз, бел байланып.
Эртеңки майрам үчүн аттаналы,
Ырларды мойнубузга жүктөп алып.

# САДЫРГА АЗАТТЫК

Садыр балам, азаттыгың кут болсун,
Керт башыңа опол тоодой Кут консун.
Сенин жүзүң, сенин демиң, кайратың
Зөөкүрлөрдүн тузагына бут тоссун.

Такалбастан таасын айткан сөздөрүң,
Таң калтырды, тик караган көздөрүң.
Жалтанбадың, жалынбадың, сынбадың,
Ууруга да жамандыкты кыйбадың.

Бут тоскондор бул дүйнөдө жарыбайт,
Сени колдоп жаштар турат, арыбайт.
Жакшы заман орноп калса өлкөгө,
Мага окшогон апалар да карыбайт.

Саясатка саат, күн, санап сен келдиң,
Сени деген жаш муундарга дем бердиң.
Эли-журтум колдогула, дедиң сен,
Беш кол эмес, он колумду мен бердим.

# СҮРӨТЧҮ ЭЖЕ ДАҢКЫҢДЫ ЭСКЕРҮҮ

Айлыбыздан чыккан чыгаан эжебиз,
Кесибине чеги жок, баа бергенбиз.
Туулган жердин турпагына татыган,
Теги Теңиз, саруу деген жерденбиз.

Сүрөт десе, сүйүп жанын берчү эле,
Айылым, кандай кабар алып кетчү эле.
Компьютерин белек кылып мектепке,
Балдар менен жолугушуп турчу эле.

Бул жашоонун чыны менен жалганын,
Сары Камышка киндик каны тамганын.
Ата-энесин, сүрөттөрүн сүйлөтүп,
Коздоп боёп, элесин так тартканын.

Ата жолун жолдоп турмуш улаган,
Сүрөттөргө жан киргизип чубаган.
Жанаштырып тоону тоого, булутка,
Бул сүрөттөр кимдики деп сураган.

## СЕМА ЛИЦЕЙИНЕ

Сапат мектеп, заты атына жарашкан,
Кадам таштап, алга сүрөп бараткан.
Сугарышты төрт тил менен окутуп,
Балдарыбыз эркин сүйлөйт сабактан.

Балам менин он биринчи класста,
Сыймыктанам, кайда окуйт? деп сурашса.
Ошто окуйт, Сема деген лицейде,
Жайгашкан ал Черемушка тарапта.

Куттуу болсун майрамыңар, демекмин,
Сыр аякка толуп турат келбетиң.
Бүгүнкүдөй түбөлүктүү күн болсун,
Дайым сага аппак менин тилегим.

## САДЫРГА САБЫР БЕРСИН

Сен билбедиң кара булут каптаарын,
Туз, бал эмес, ууну кошуп таштаарын.
Сабырыңа, акылыңа ракмат,
Кудай өзү керт башыңды сактасын.

Ата өлмөк, эне өлмөк мурас дейт,
Бала үчүн өтө оор, турган кеп.
Бул жашоодо канча кайгы тартсаң да,
Сен тартканды алар дагы тартат дейт.

Элим дедиң, жерим дедиң, билбеди,
Касамкорлор кара көйнөк кий, деди.
Жан дүйнөңүн тазалыгын тепселеп,
Сенин жайың ушул, тамга кир, деди.

Аллахтын сен чоң сыноосун көтөрдүң,
Өзүңө эмес чындык үчүн жөтөлдүң.
Билбегенге көзгө сайып көргөзүп,
Билип ал, деп, баш ийбестен көшөрдүң.

Сенин дагы Азаттыгың алдыда,
Сабыр кылгын, кошуласың жакшыга.
Зөөкүрлөрдүн тузагынан бошонуп,
Болосуң сен балдарыңдын жанында.

Сол кол берсе, оң колуңду сунасың,
Билебиз го, баарын ичке жутасың.
Алар дагы өз жазасын алганда,
Карап туруп жиийркенип кусасың.

# МИГРАНТ КҮНДӨРҮМДӨН

Арадан андан бери көп жыл өттү,
Балдарым сагындырып жүрөгүмдү.
Айла жок, алыс экен көп күнчүлүк,
Көп иштер жүрөгүмдү өйүп жүрдү.

Мигрант болгум менин келбей калды,
Адамдык сапатымды алып салды.
Ишенич, акча деген жаман тура,
Өмүрүмдүн жарымын алып калды.

Улуу боюм ушунчалык кичүү болду,
Жүрөгүм кайгы-капа, муңга толду.
Тынч жаткан бейпил турмуш күндөрүмдөн,
Баргының, Акча тап, деп ким зордоду.

Кээ күндөрү маңдай жарып күлгөн болом,
Кээ күнү акчасы көп жүргөн болом.
Узун түн уйку көрбөй таң атырып,
Түш көрөм балдарымды, миң толгоном.

## КӨРӨ АЛБАСТЫК

Мен жооп алдым ыр жөнөткөн кишимен,
Досуман деп, кантип, кимге билгизем.
Достук эмес, душман сөзүн сүйлөгөн,
Билдим го мен, көрө албастык, түшүнөм.

Мындай жоопту аламын деп күтпөдүм,
Көз уялып, окуй албай сүрдөдүм.
Ойго батып, не дээримди биле албай,
Үн катпастан ыр түрүндө сүйлөдүм.

Жазган ырды милдет кылбайм, садага,
Кимдин кандай ойлору бар арада,
Ырдан өтүп ортобузда мамиле,
Ырбап кетип айланбасын жарага.

## МЕН ДА БОЛГОМ МИГРАНТ

Мен дагы мигрант болгон элем,
Балдарымдын жаш мезгилин элестетем.
Ал мезгил көп жыл мурун өтүп кетти,
Москванын жашоосуна кейип кетем...

Тууган-урук, боордоштон алыстады,
Балдарым да мигрант болуп калды.
Башын ийип жашоонун агымына,
Ал тараптын атуулу болуп алды.

Кээ бирлери жаш балдарын алпарышты,
Шарты жоктор таштай салып жайгарышты.
Таяке, жээн, бөлө издеп бага турган,
Кордук көрүп, балдары саргайышты.

Тар жерде бир жамбаштап таң атырды,
Соо жанын оору менен алмаштырды.
Иштеген акыларын да жөн ала албай,
Жарты нан, көк чай менен жан багышты.

## БИЙЛИКТЕГИ ТӨБӨЛДӨРГӨ

Көзүңдү ачкын, улуу, кичүү, жаш болуп,
Сени күткөн мигранттар зар болуп.
Отурасың, үргүлөйсүң уйкуда,
Жүрөсүңбү мал базарда мас болуп.

Бийлик, байлык бир өзүңө керектир,
Отурганың. Креслолор себептир.
Өтүп кетсең бул дүйнөдөн кош айтып,
Оо дүйнөдө Кудай болот деректир.

Ошол күндү унутпагын, Төбөлдөр,
Чаян болуп чагып коёт көгөндөр.
Бармагыңды тиштегениң кеч болот,
Денеңди бүт каптаганда жөлөктөр.

САДЫР келсе, ага аттандың көрө албай,
Ээр токумду белек кылып бере албай.
Дагы кандай болуп кетээр экенсиң,
Тазалыкка түз отуруп чыга албай.

# ЭГЕМЕНДИК ЖОГУНАН

Орозого жакшы ойду айттыңар,
Жүрөктөгү сөздү ортого салдыңар.
Баарыңарга каалап кетем мен дагы,
Маарек болсун келип турган айтыңар.

Атеисттик заман бизди тооруган,
Кудай жок, деп эжей, агайлар коруган.
Кыйшаюусуз баш ийгенбиз оруска,
Өлкө ичинде эгемендик жогунан.

Азыр деле коркуп кетем эстесем,
Өтсөк дагы канча ашуу, белестен.
Айттабагын, чогултпагын нанды, деп,
Агай турат сөөмөй кезеп кекеткен.

Кудай жок деп, ишенбегин Аллага,
Деген сөздү сөөккө өткөрүп салган да.
Эже-агайды Кудай кылып алганбыз,
Четке какпай бир ооз сөзүн жалганга.

Намаз окуп жаштарыбыз оңолду,
ЭГЕМЕНДИК эл-журтума орноду.
Ушул заман баарыбызга кут кылсын,
Кыз-келиндер башка жоолук оронду.

## БОЮҢДУ ТАРТПА ПААНЕКЕ

Кошулгун катар басканга,
Ыр жазып көңүл ачканга.
Өзүңө болду не себеп,
Босого аттап качканга.

Боюңду тартып паанеке,
Жарытаар ишиң канаке?
Чындыкты айтса бетиңе,
Чыйрыгып тердеп сен кетпе!

Кар жааса изиң жоголот,
Карарып туман боз болот.
Кайдыгер болсоң ишиңе,
Качанкы иштер козголот.

Колуңдан келсе иш эмес,
Ыр жазып сөздү тизмектеш.
Калемди кармап колуңа,
Акынды сүйүп аздектеш.

# ГҮЛБҮБҮГӨ

Жаркылдаган жакшынакай Гүлбүбү,
Сендей жанды Элмир иним сүйдүбү.
Сүйсө сүйүп, артыңдан кууп жеткендир,
Өтүп кетсең отко түшүп күйдүбү.

Эки кызды эркелетип чоңойттуң,
Канча эмгек, канча нервди короттуң.
Атасы бар, бирок жоктой томсоруп,
Ыйлап-ыйлап, ырдап дагы соороттуң.

Кош бол, кызым, кош бол эми түбөлүк,
Жерге жакын куран окуп жүрөлүк.
Элге жакчу сенин мукам үндөрүң,
Үн алгыдан, сын алгыдан күтөлүк.

# ТӨРТ МЕЗГИЛГЕ

Жайы-кышы төрт мезгилдин орду бар,
Караңгысы, жарыгы да жашоо зар.
Түшүм жыйнап жемиштериң тересиң,
Кышта суугун, аязын да билип ал.

Бирөө чыгат кыштын күнү сапарга,
Бирөө төрөйт жигит кошуп катарга.
Бирөө кызды, бирөө уулду эңсешет,
Кыз да келет күткөн күнгө бактыңа.

Жан жаралып, бирөө кетет өмүрдөн,
Кош айтышып, жер алдына көмүлгөн.
Уул-кыздан, ата-энеден айрылып,
Жашоо уланат, кайгы, дартка чөмүлгөн.

## БАЛАЛЫК СЕЗИМ

Балалык баёо сезим кайда калды,
Интернеттен жан дүйнөбүз жараланды.
Чүкө ойноп, топту тээп томолоткон,
Күндөрүбүз, айлап,жылдап артта калды.

Тиричилик, жандуу турмуш күн кечирип,
Апалар уйларын саап эрте туруп.
Аталар маңдайында турган болсо,
Кыз-келин, салам берчү башты ийип.

Ээр токум ат үстүндө жигит ойноп,
Көк бөрү, улак оюн күндү болжоп.
Кат жазып, көңүлдөгү сүйгөн кызга,
Бекитип, таш алдына көөмп коймок.

Ал күндөр сүрөт болуп көздө калды,
Канча күн, канча жылдар өтсө дагы.
Келбетиң жок сыр аякка толуп турган,
Аппак кылып олоң чачты боёп салды.

Ал күндү кимден сурайм, кимден табам?
Ал күнгө кандай кылсам кайра барам?
Үндөбөй тоолор жатат, суулар агат,
Жер эне, таппайсың, деп айтат салам.

## ЖАЗГЫ МААЛ

Жаз мезгил, кимге кандай,
Көпчүлүк, каалагандай.
Бир күндүк үрөн себүү –
Бир жылга камынгандай.

Бирөөлөр гүл себишет,
Бирөөлөр дан эгишет.
Отургузуп көчөттөрдү,
Бош жаткан жер издешет.

Күн тийип, ачык болот,
Көпөлөк гүлгө конот.
Бирөөлөр сезим козгоп,
Той күндү болжоп коёт.

## ЖАЙ МЕЗГИЛ

Жай мезгилдин аңкып турган жыты бар,
Ал мезгилге жетпеген бар, жеткен бар.
Табийгаттын буйруп койгон ишине,
Башын ийип, кош айтышып кеткен бар.

Ошон үчүн жашоонун бир үзүмүн,
Насип этсе терип жейли жүзүмүн.
Наалыш кылбай, ыйман менен жашайлы,
Уул-кыздардын көрсөтүшкөн үзүрүн.

Жай мезгилде жеңил-желпи кийинип,
Козу-улак, кулун байлап жүгүрүп.
Бал каймак, жеп кымыз ичип жайлоодо,
Ырыскыбыз, тоодой болуп үйүлүп.

## ЖАЙЛООДО ӨТКӨН ӨМҮР

Жаштыгымды жайлоодон баштагамын,
Кайнатамын босогосун аттагамын.
Жолдошум чоң чабандес болгон экен,
Ат ойнотуп, аргымак таптаганын.

Эркеликти энемкине таштагамын,
Кайын журттун каада-салтын сактагамын.
Мага таандык тапшырманы так аткарып,
Берген калың каражатын актагамын.

Жолдошум Совхоздо чоң чабан болгон,
Түйшүгү түгөнбөгөн токой толгон.
Жүзүнө жүздөн козу аласың деп,
Козу өлгүчө, сен өл, деген заман болгон.

Ошентип он тогуз жыл кой бакканбыз,
Долоно, четин кыйып, от жакканбыз.
Булут каптап, карарып жамгыр жааса,
Жууркан ороп, балдарды ток бакканбыз.

Атактуу, алдыңкы чабан болгон,
Конок келсе ызаттап койду сойгон.
Түйшүктүү адал эмгек, ак кызмат деп,
Белек кылып Москвичти берип койгон.

Значок, Депутаттык наамды алган,
Эч кимге сүйлөбөгөн такыр жалган.
Путёвка алып БОЛГАРИЯ өлкөсүнө,
Кыдырып алдыңкылар ойноп барган.

Ошентип көп замандар өтүп кетти,
Кайрадан эгемендик элге жетти.
Элиңдин оор жүгүн көтөргүн, деп,
Эл башчылык кызматты артып берди.

Тогуз жыл иштеп берди салмак салбай,
Кол жазма, документи так аткармай.
Эл ичинде талашмай, тартышмай бар,
Максаты – баардыгына түз карамай.

Окутту окуу жайга билим ал, деп,
Үндөдү ата жолун кармап кал, деп.
Уул-кыздары аткарды айткан сөзүн,
Кете берди күмбөзүмө турпак сал деп.

Жоготуу оор болду балдар үчүн,
Билгизбей ичтен сызган үшкүрүгүн.
Энемин да улутунуп угуп коём,
Жетпей кетет менин да Кайрат күчүм.

Бешөө жашайт жанымда, экөө алыс,
Баардыгына караймын бирдей, калыс.
Күйөө балдар, келиним сыйлап турат,
Милдетим – сый-урматты тандап барыш.

Жакшы адамга болгонмун өмүрлүк жар,
Аз болсо да, Акындык жөндөмүм бар.
Жакшыларды эскерип ырга салыш
Мен үчүн милдеттүүдөй түшүнүк бар.

# АЯШЫМ ТААБАЛДЫГА

Кут болсун 60 (алтымыш) жаш ак тоюңар,
Кадам таштап бирге баскан ак жолунар.
Урматтаган уул-кыздын төрү болуп,
Үзүлбөсүн түбөлүккө бек колуңар.

Түшүндө түгөй болуп кирдиң бекен,
Ак чепкен жапкан болсо кийдиң бекен.
Бейиштин көркү болуп жүрсө керек,
Көңүлү калган эмес эч бир сенден.
Көп өмүрү өтүп кетти сени менен.

Кийимди жараштырып кийдиң окшойт,
Тагдырга башты салып ийдиң окшойт.
Жакшы жар, жан шерикти таап алып,
Жашоонун чоң картасын чийдиң окшойт.
Ибадаттын кадырын билдиң окшойт.

## АКЫН ИНИЛЕРИМЕ

Ден-соолук, өмүр каалаймын,
Шар болсун баскан кадамың.
Элиңе тийип керегиң,
Сыймыгы болуп жашагын.

Ырыңа ырлар кошулсун,
Ырдасаң канбай моокумуң.
Булактын көзү ачылып,
Вулкандай болуп оргусун.

Артыңдан калтыр изиңди,
Ар тарап кызмат ишиңди.
Атакем акын болгон деп,
Балдарың басат изиңди.

Бак-дарак болсун бакканың,
Түз болсун айткан насаатың.
Түгөнбөй калем сыясы,
Ыр болсун сенин жазганың.

## ЖАШ МУУНГА

Жаш мезгилде болот сенде сулуулук,
Картайганда карайсың сен бурулуп.
Чачы агарып, картайыптыр байкуш, деп,
Ызаат-урмат бересиңби жылуулук.

Жаш мезгилде кийсең кийим жарашат,
Жаш мезгилди кимден кимдер талашат.
Бир муун келет, бир муун кетет кош айтып,
Түмөн түйшүк алпурушуп таң атат.

Картайдым деп, арман кылбай жүрөмүн,
Картайсам да эл кадырын билемин.
Жаштар өссүн курч мүнөздүү тайманбас,
Күч-кубатым кайратымды беремин.

## БАЛДАРДЫ КУТТУКТОО

Кут болсун майрамыңар,
Ачылсын маанайыңар.
Бир болуп ой, максатың,
Узак жол сапарыңар.

Жигиттик жакшы сапат,
Тентектик үйдө калат.
Ыймандуу адам болсоң,
Учасың күүлөп канат.

Ата-эне, дос, жар күтүш,
Милдетиң жакшы жүрүш.
Жашоонун сыноосуна –
Билимге жарышка түш.

Жашоодо кымбатсыңар,
Жигиттик сымбатыңар.
Чеп болуп чек арага,
Кызматты кыласыңар.

## ГРУППАНЫН АЙТЫШЫ

Анда сөздү баштайлы,
Ортого шиңгил таштайлы.
Капа этпегин Апалкан,
Жаз айынан баштайлы.

Кана сөздү курайлы,
Ал-акыбал сурайлы.
Кана эмесе, акындар,
Майрамга майрам улайлы.

Акындары сөз курайт,
Ырчылары ыр ырдайт.
Усталары таш тизип,
Кынтыгы жок кыш кынайт.

Чеберлери тон бычат,
Чечендерден тил чыгат.
Жетимиш өнөр аз болуп,
Архитектор үй сызат.

Биздин жигит, кыздарда,
Кандай өнөр бар экен?
Акындыгын билебиз,
Кимге түгөй жар экен?

Бойдоктору болсо эгер,
Алардын жайын сурайлы.
Жалгыз башын жуп кылып,
Куттуктап гүлдү суналы.

Ырды дагы ырдаймын,
Кээде күлүп жыргаймын.
Кайчы кармап колума,
Тон, көйнөктү бычамын.

Эшик-төрдү жыйнаймын,
Конок келсе сыйлаймын.
Эркектин иши дебестен,
Үйлөрдү боёп, сырдаймын.

Дагы эмне кылайын,
Апалхан сенден сурайын.
Ат минип жолго чык, десең,
Аргымак оозун бурайын.

Күлүктүн оозун бурайын,
Өзүңдү гана угайын.
Уюштургуч өзүңө,
Гүлдестемди сунайын.

Бизде болбойт жат адам,
Азаматсың Апалхан.
Ыраазылык билдирем,
Группадан, тайпадан.

Эже, деп мени сыйласаң,
Эркелеп мага ырдасаң.
Сага да каалайм ден-соолук,
Акылбек,
Өркүндөп, өссүн бул кадам.

Ынтымак менен ийгилик
Кошо жүрсүн биригип.
Анча мынча адамдар
Жетпей калсын жүгүрүп.

Ыр сабыңыз мончок сымал тизмектей,
Сөздөрүңүз болду окшойт тердетмей.
Бактыңызга балдарыңыз бар болсун,
Чыгарышсын төр тарапка иштетпей.

## АРУУ ТАҢ

Таң агарып, белек болду балдарым,
Эрте туруп, ырыскыңды кармагын.
Жакшы жатып, жай турганга сүйүнүп,
Кетирбегин, Аллахымдын жардамын.

Ай мончоктой балдарыңдын бактысы,
Оорубасын, эң оболу жакшысы.
Аман жүрсөң, маңдайында жаркылдап,
Ошол болот ынтымактын жарчысы.

Күтүп, күтүп карайт сенин жолуңду,
Үйдөн чыксаң, жоктойт сенин жогуңду.
Мээрим төгүп кирип келсең эшиктен,
Кучакташат жыттап, жыттап мойнуңду.

## БИРГЕ КЕЛГЕН КОНОКПУЗ

Биле жүрсөк, таразалап салмакты,
Билип туруп, тиштебейли бармакты.
Бир-бирибиз, бир беттешкен конокбуз,
Көңүлдөрдү оорутушуп албайлы.

Бул өмүрдө ай чыгат да, күн батат,
Түш көрөбүз, жансыз жатып таң атат.
Оор, жеңил, арабаны тең тартып,
Ыйлап, күлүп өмүр өтүп баратат.

Сен ойлогон ойлорду мен ойлобойм,
Сен уктасаң, мен уйкудан ойгоном.
Ойдогудай боло бербейт, билемин,
Туура эмести туура экен деп колдобойм.

Ар кимибиз ар тараптуу пендебиз,
Бул жашоого белек болуп келгенбиз.
Сыйлашалы, сырдашалы ийилип,
Ордолуу Ош – сыймыктанчу жерденбиз.

## ТАҢДЫ ТОСУУ

Адамдык парзыбыз агарган таңды тосуу,
Жай туруп, бата кылып, Аллага колду созуу.
Пендеге берип койгон чырайды периштедей,
А биздин милдетибиз – адамча адам болуу.

Айтканга оңой эле, аткарыш кыйын нерсе,
Сыздаткан ден-соолукка, онтоткон оору келсе.
Сыйлашып сыноодон өт,
Бул мага милдет дебе.

Сүйүүнүн чеги болот, сүйүшүп сүйдүм дебе,
Турмушту жеңемин деп, жел менен кошо келбе.
Сайрандап салмак салып ата-энеңе,
Жомоктой турмушту жок жерден сен издебе.

## БАЛАЛЫК СЕЗИМ

Балалык баёо сезим кайда калды,
Интернеттен жан дүйнөбүз жараланды.
Чүкө ойноп, топту тээп томолоткон,
Күндөрүбүз айлап, жылдап артта калды.

Тиричилик жандуу турмуш күн кечирип,
Апалар уйларын саап эрте туруп.
Аталар маңдайында турган болсо,
Кыз-келин салам берчү башты ийип.

Ээр токум ат үстүндө жигит ойноп,
Көк бөрү, улак оюн күндү болжоп.
Кат жазып көңүлдөгү сүйгөн кызга,
Бекитип, таш алдына көөмп коймок.

Ал күндөр сүрөт болуп көздө калды,
Канча күн, канча жылдар өтсө дагы.
Келбетиң жок сыр аякка толуп турган,
Аппак кылып олоң чачты боёп салды.

Ал күндү кимден, сурайм кимден табам?
Ал күнгө кандай кылсам кайра барам?
Үндөбөй тоолор жатат, суулар агат,
Жер эне таппайсың, деп айтат салам.

## БИЗ АЯЛБЫЗ

Биз аялдар ар түрдүүчө жашайбыз,
Түзүн дагы, ойдуңун да басабыз.
Мүдүрүлүп, аксап калсак турмуштан,
Балдар үчүн, баарын ичке катабыз.

Кызганычтан, кыйкым сөздү угабыз,
Коркуп кетип, калпка сөздү бурабыз.
Кантсе дагы, Кудай өзүң кечир, деп,
Бирде ыйлап, бирде күлүп турабыз.

Кээде тоюп, ичип алса арактты,
Отургузуп, нөлдөн баштайт сабакты.
Ошол күнү чыгып алат асманга,
Ойгонсо эле, жерде жатат баягы.

Ооздон чыккан сөзүн айтсаң тана албайт,
Өң-келбетин күзгүдөн да каранбайт.
Кээде сезип, кээде сезбей күнөөсүн,
Мейличи деп, кечиримге жарабайт.

Багынабыз, балдар үчүн кечирип,
Кайсыл жакка бармак элек секирип.
Урматтайбыз, уятыбыз жол бербейт,
Ата деген аты бир чоң мейкиндик.

## АКЫРКЫ КОҢГУРООГО

Уккум келген коңгуроонун добушун,
Сезген жокмун өкүнүчтүү болушун.
Кайдыгерлик болуп калды көрүнөт,
Билбей калдым кимге айып коюшум.

Туулган жерди, ата журтту сагынып,
Алыс жашап жашоом үчүн багынып.
Болбой калды… деген сөздү укканда,
Кала бердим тагдырыма таарынып.

Мейли, дедим, амандыкты тиледим,
Ата журт деп согот менин жүрөгүм.
Кара-Кулжам, атын уксам сүйүнөм,
Киндик каным төгүлгөнүн билемин.

# ЖАНДЫКТАРГА САЯСАТ

Иним айтат саясатты канаттууга,
Тиешелүү башка да жандыктарга.
Башчысы жылкы, уйлар, кой-эчкиси,
Булардын да эңсегени шайлоо тура.

Кышында жаткан жери чыла болуп,
Көздөрү чылпактаган жашка толуп.
Жылкыга көз артышат сыртты карап,
Кашаанын тешигинен тиктеп коюп.

Жайлоого эсен-аман барайын деп,
Эчки айтат баарыңарга саламым деп.
Чокудагы чоң ташка чыгып алып,
Мына ошондо айгайды саламын деп.

Шайлоонун шайтан оюну жайлоодо өтөт,
Жашап калат кой-эчки бөлөк-бөлөк.
Бышылдап уй ордунан тургучакты,
Карарып булут басып, жамгыр төгөт.

# АК БОЗ АТКА

Ак боз аттын туягы чаң чыгарып,
Карай албай элдин көзү тунарып.
Аттын башын кармап кетти тизгинден,
Аргымакты булкунтуп минип алып.

Сүрөөнчүлөр кыйкырып добуш салды,
Эл аралап Ак боз ат топту жарды.
Атың барда жер тааны деген сөздү,
Эр азамат ошол жигит тастыктады.

Ат – адамдын канаты деп бекер айтпайт,
Бир муун кетет, экинчиси бекем сактайт.
Тапканга эмес, бакканга барамын деп,
Бир заматта мээнетиңди төкпөй актайт.

Ким болсо да Ак боз атты жетилтиптир,
Таптап атты, жем берип семиртиптир.
Ат таптаган саяпкер ким болсо да,
Тизгин алган жигитке жеңиш дептир.

# ОШ КАЙРЫККА

Кайрыгыбыз кандай өттү,билбедим,
Билгендердин катарында сүйлөдүм.
Эргүү келип кошуп койдум бул ырды,
Жазып койгун баш жагына тизменин.

Өгөйлөбө, жаңыдан кошулду деп,
Өз жолуңа салып жүргүн саресеп.
Талант деген жаш карыга карабайт,
Бардык окшойт ырларыбыз жетелеп.

Өз ордуңу таба билгин, жаштарым,
Насаат сөздү жалпыңарга айтамын.
Өзүң үчүн жашаганды биле алсаң,
Толуктайсың жакшылардын катарын.

## СЕЗИМАЙДАН САЛАМ

Салам айтам, улуу, кичүү, жалпыңа,
Бүгүнкү күн аткан ушул таңында.
Мен өзүмдү тааныштыра кетейин,
Сезимай деп, окуучу кыз жанында.

Ыр жазамын, көркөм окуйм сахнада,
Максатым бар көөдөнүмдө таптаза.
Чоң акындар катарында жүрөм деп,
Мен өзүмө талап койдум башкача.

Апам мени алпештеген, төрөгөн,
Алдейлеген, ак бешикке бөлөгөн.
Элдин кызы, журттун кызы, болсун деп,
Буттан кармап, басагой деп жөлөгөн.

Мен баратам, кадам таштап кичине,
Эл-жеримдин жарайын деп ишине.
Жаш экенмин, жаштыгыма карабай,
Түшүп алдым чоң акындын изине.

Ушул майрам баарыңарга кут болсун,
Оорубагын, эч жамандык болбосун.
Өсүп-өнүп келе жаткан жаштарга,
Согуш оту бир заматта токтосун.

## САДЫРГА САЛАМ

САДЫРГА айтам саламды,
Башкага бөлбө санааңды.
Ишенимдү уктай бер,
Ойлонбой сени шайлайлы.

Тантыктар тантый беришсин,
Экиге элди бөлүшсүн.
Дили бузук зөөкүрлөр
Көргүлүктү көрүшсүн.

Эртең чыгат жыйынтык,
Бүгүн турат кыйынсып.
Отуруп калсаң тактыңа,
Сөзүн оңдойт кыйытып.

Сен көргөндү соттор дагы көргөндө,
Ошондо сен жийиркенип кусасың.

Сабыр кылгын баарын, баарын көрөсүң,
Баардыгына көңүлүңдү бөлөсүң.
Жаркылдаган жарың менен бир болуп
Балдарыңды бек кучактап өбөсүң!!!

## ГРУППАГА КАЙРЫЛУУ

Силер дагы бир түйшүктүү жансыңар,
Акын кыздар группада барсыңар.
Улуу-кичүү ар кыл үйдүн ээсибиз,
Жолугушуу учурдун да баркы бар.

Мен көрөйүн, сен да мени көргүнүң,
Аз да болсо убактыңды бөлгүнүң.
Алыс дебей, жакын дебей келип бер,
Координатор кызга сөздү бергиниң.

Ал сүйлөсүн иш планын жеткирип,
Бөөдө убакыт кетпесин күн кечкирип.
Боло турган ишибизди айталык,
Ой бөлүшүп чечишели биригип.

Айтканыма капа болбо, сулуу кыз,
Татар эмес, дунган эмес, кыргызбыз.
Жоопкерчилик убаданы аткарсак,
Болочокто асмандагы жылдызбыз.

# ЖАШООНУН КЫЗЫГЫ

Адам өзү жашоо менен алышкан,
Жакшы, жаман, көптөр менен таанышкан.
Тагдыр буйруп, жазып койсо көрөсүң,
Эч кай жакка кача албайсың тагдырдан.

Чындыгы бар чыркыраган жашоонун,
Буйруп койсо, кереги не тандоонун.
Асмандагы айга колуң жетчүдөй,
Бир учурда жаштык кылып койгонсуң.

Мейли, дейсиң, жашоо ушул турбайбы,
Кабат-кабат кирпич үйдү курбайбы.
Ден-соолугуң болбой турса сыздатып,
Бага келсе уул-кыздарың чыдайбы?

Мейли, бир ай же бир жылдап багышсын,
Көрпөчөңдөн кабат-кабат салышсын.
Ал балаңдын парызы го милдеттүү,
Бирок, өзүң аллага көп карызсың!

Кээ бир күнү күндүн табы тиет го,
Кээ учурда үшүтүп да иет го.
Тонду кийип жүрсөң дагы үшүйсүң,
Жүрөгүңдүн үшүгөнүн билбейт го.

## ИНИМЕ

Элүү жашка эми гана келипсиң,
Бир кылымдын жарымына жетипсиң.
Дагы жаша, узак өмүр сүргүнүң,
Балдарыңа чоң тарбия берипсиң.

Мезгил өттү, бир канча күн билинбей,
Сен жаш элең бутуң чыгып жүгүрбөй.
Атакеңдин ордун басып жан агам,
Тууган-урук чакырыпсың бүтүндөй.

Атакеңдин барында сен жөрмөлөп,
Тамак берген, болот элең өнтөлөп.
Ооруса да, онтогонун билгизбей,
Беттен сүйүп калчу эле өпкүлөп.

Көз тийдиби, сөз тийдиби, биле албайм,
Кайра жоктоп кара, көйнөк кие албайм.
Сен барыңа шүгүр кылам кудайга,
Эми сага, ата болуп бере албайм.

Өзүң ата болуп калдың садага,
Канча күндөр өтүп кетти арадан.
Бала кезден ата мээрин көрбөдүң,
Балдарыңдан мээримиңди аяба.

Атаң өзү чыгаан киши болгонун,
Башка айылга көчүп барып конгонун.
Билбей калдың, өтө жап аш болчусуң,
Жипке дагы жан киргизип койгонун.

# КҮТКӨМ МЕН ДА ЖАҢЫ ЖЫЛ

Мен да күткөм ушул жаңы жылымды,
Болгон чындык айтайын деп сырымды.
Канча өмүрлөр, канча өттү жаңы жыл,
Билбей калдым не дээримди, чынымды.

Ойлоп көрсөм, кышты өткөрүп жайында,
Басыптырмын жамгырын да, карын да.
Секелек кыз кайран жаштык өтүптүр,
Кайра келбес жаштыгыңды сагынба.

Азыр мезгил такыр башка сезилет,
Интернеттен чагылдырып берилет.
Канча жашоо берилгенин билбейсиң,
Саат санайсың, бирок мезгил кечигет.

# КОЖОЖАШ БОЛГОН ЭКЕН ЭЛГЕ БАШ

Совет доорун көпкө унутпай айтабыз,
Бирок чындык, жолду бирге басабыз.
Ак кар баскан Ала-Тоолуу аймакта
Ач болсок да таза абада жашайбыз.

Баардык жандар көнгөн жерин жердеген,
Кыргыз жери кыйласынан кепкенен.
Талаа-тоодо, каала, түздө жашаба,
Тоо боорунан шылдыр таза суу ичкен.

Тоодон чыккан чыгаан кыздар, жигиттер,
Алар кимдер, тез арада билип бер.
Ал мергенчи Кожожашты көргөндө,
Топ-топ болуп качып жөнөйт Кийиктер.

Жапайылар тоодо жашайт биригип,
Тондору бар, дайым жүрөт кийинип.
Түз болобу, дөң болобу, баари бир,
Адам көрсө качып жөнөйт жүгүрүп.

Бир айылды баккан экен Кожожаш,
Жаш болсо да болгон экен элге баш.
Сапарынан салмак менен кайтса деп,
Чыгарыптыр ата-бала көздөн жаш.

# САЛТТУУ ОЮН КӨК БӨРҮ

Устат, шакирт суу ичишкен булактан,
Калчу эмес салттуу оюн улактан.
Бир-бирине эриш-аркак болушуп,
Чабандестик жолун бирге уланткан.

Атын таптап, күн батырып, таң аткан,
Алыс, жакын, узак жолду бир баскан.
Соорун алып килем, койду бөктөрүп,
Үйлөрүнө сүйүнүшүп кайтышкан.

Улуу-кичүү урматтап кол сунгандар,
Бешене тер, адал оокат кылгандар.
Булар кимдер, деген суроо узатсаң,
МАМАСАДЫК, РАИНБЕК ... инсандар.

Көк бөрүнү көркүнө ким чыгарат,
Алар кылган ишти кимдер кыла алат?
Ээр-токумун ат үстүнө кондуруп,
Алар минген тулпарды ким мине алат?

Чабандестик атакты ким ала алат,
Белин байлап, беттешке ким бара алат?
Бир туугандык кадырын бек сакташып,
Алар баскан жолду кимдер баса алат?

# КЕЛЕТ БИР КҮН КАРЫЛЫК

Бир мезгилде оттой болуп жанасың,
Кыялыңда тоону дагы жарасың.
Кийсең кийийим, баскан жолуң жарашып,
Кандай адам бир караса жагасың.

Карылыктан кабарың жок, билбейсиң,
Жакын турса, алыс жакты тиктейсиң.
Сулуулукту жоготуудан коркуп сен,
Дарбазасын ачып койсо кирбейсиң.

Бирок чындык, бир күн келет карылык,
Өткөн күндү ушунчалык сагынтып.
Ой-максатың орду-ордуна келгенде,
Билесиң го калганыңды багынып.

Карылыктан коркпо, жаным, дээр элем,
Жаратканым эриш-аркак сени менен.
Уул-кыздарым катар басса жанашып,
Пешенемди аарчып коём тердеген.

## САГЫНЫП САЛАМДАШАМ

Көптөн бери кабарым чыкпай кетти,
Амандашып турамын, колду берчи.
Ордолуу Ош, кайрыктын каймактары,
Эгеменге катышып, келип кетчи.

Россия жергесин кыдырдым мен.
Ден-соолукту чыңадым ошол жерден.
Билинбей жайдын ысык күндөрү өттү,
Киндик кан тамган жерим кымбат экен.

Келгенде тосуп алды акындарым,
Жүрөктөн оорун алган жакындарым.
Ыраазылык билдирем башымды ийип,
Алтын, күмүш, ардактуу асылдарым.

Амандык элибизде болсун дейли,
Оңолсун ачык мүнөз, пейилдери.
Жаштарга ыйман берсин Алла-таалам,
Сыйласын улуу муун ата-энени.

# МУГАЛИМДИН БЕЙНЕСИНЕ

Кош чылбыр, эки тизгин кармап келет,
Үйдө эне балдарына мээрим төгөт.
Тактыкты жакшы көргөн эжекебиз,
Бул Айгүл, тарыхтан сабак берет.

Айдай жүз, сулуулукту берип койгон,
Түйшүгү бар өзүнчө токой толгон.
"А" тамгасын үйрөтүп жаш муундарга,
Ал бaратат адашпай түптүз жолдон.

Тил билбесең, сүйлөй албай сүрдөйсүң,
Тил билбесең, көп жерлерде жүдөйсүң.
Ошол тилди өркүндөтүп, өстүрүп,
Билбегенди билип ал, деп үндөйсүң.

Үйдө эне, жолдошуна сүйгөн жар,
Бул жашоодо эриш-аркак барабар.
Сөзүнө так, иштин майын чыгарган,
Бул Жыпара, уккан жандар таң калаар.

# САПАР УЛАП

Күнгө күндү, саат санап турган убак,
Жашыма жаш кошулуп өтөт чубап.
Сапарга чыксамбы деп алыс жакка,
Турган кезим Аллаадан тилеп, сурап.

Аллахым жолду берсе, мына бүгүн,
Аттанам артып тилек, максат, жүгүн.
Кыздарым, неберелер күтүп жатат,
Дасторконун жасап алып, ар кыл түрүн.

Убакыт учкан куштай өтүп жатат,
Тиричилик кадимкидей камчы сабап.
Окшошуп бир күнүбүз экинчиге,
Бүтпөгөн жумуш менен жүрүп барат.

Аралык каш-кабактын ортосундай,
Балдарың жан жүрөктүн толтосундай.
Жашоодо эч жамандык көрбөсүн, деп,
Эне байкуш элеңдеп, коркосуң ай.

## АНАРДЫН АРБАГЫНА

Жарыктык жашоодо эрте кеттиң,
Апаң менен атаңа эркеледиң.
Он сегизге жаңыдан толгон кезде,
Күбүлүп сен гүлүңдү жерге septиң.

Оорудуң, он тогуз күн Ошто жаттың,
Энең жок айта турган сөзүң каттың.
Тагдырдын жазганына баш ийип сен,
Көз ачпай ошол бойдон жерге жаттың.

Ыйлады артыңдагы ага-тууган,
Эки ооз сөзүн айта албады энең курган.
Атаңдын сыздаганы сага жетпей,
Көп үмүт көлдө калды соолуп турган.

Артыңдан айткан менен арман жетпейт,
Элесиң эсибизден эч бир кетпейт.
О дүйнө бейишинен эшик ачсын,
Туугандарың Куран окуп, бата тилейт.

# АК ХАЛАТЧАН БУРМАШКА

Кылган иши үзүрлүү эмгек менен,
Талыкпай, пешене тер төгүп келген.
Эмгегим эл жеримде баалансын, деп,
Карады баардыгына мээрим менен.

Бул кесип өөдө-төмөн сөзү менен,
Түшүнгөн көрөгөчтүн көзү менен.
Колунан келе бербейт көп инсандын,
Сыйлап турат дасторконун жайып кенен.

Турмушунда бактылуу эне болду,
Кучак жайып небере жытка тойду.
Жан шерик, жакын жүргөн чалы менен,
Той берип катар, катар койду сойду.

Насип кылсын ушул той, ушул күнүң,
Эл-жериңдин аркалай бер арткан жүгүн.
Ден-соолугуң, үй-бүлөң бүтүн болсун,
Чоң парзды аткардың мына бүгүн.

## АЯНЫЧТУУ ТАГДЫР

Муздак шамал ач кыйкырык жанга батты,
Чын эле мен жүрөмбү же башка адамбы.
Кылган ишим көрүнбөйт бир зөөкүргө,
Жан дүйнөм жанчылып сазга батты.

Бир үйдө жашайбыз биз жат адамдай,
Бир нерсем унутта калып калгандай.
Бул тагдыр жакшы адамды жаман менен
Түбөлүк чырмаштырып салып салгандай.

Жүрөгүм ушунчалык муздадыбы,
Бычаксыз жан дүйнөмдү мууздадыбы.
Келбетим сыр аякка толгон белем,
Толтуруп бир чарага туздадыбы.

Бир байкуштун арманын жазып койдум,
Адам эмес айбанга окшогонун.
Жанчылып жан дүйнөсү ооруп турду,
Кудай сактап бул тагдырга туш болбогун.

## БИЗ АДАМДАР

Шыкаалап карап коюп таңданабыз,
Бирөөлөрдүн жашоосуна таң калабыз.
Ай, ушул байып кетти, карачы, деп,
Өзүбүздө турса дагы көрө албайбыз.

Жок болсо бечарага бере албайбыз,
Ооруса сурап дагы келе албайбыз.
А балким, ал сен үчүн ою таза,
Жарты ооз жакшы сөзгө жарабайбыз.

Ичи тарга кең дүйнө тар көрүнөт,
Болбогон бир шылтоону таап сөгүнөт.
Башка жактан түнөк таап кете албай,
Элден чыгып туугандардан бөлүнөт.

Ошентип ал өзүнө өзү жагат,
Бирөөнүн кемчилигин айта салат.
Мага эч ким тең келип жете албайт деп,
Көкүрөктү көтөрүп көктү карайт.

Мейли, пенде барчылыкта жашасын,
Кайсыл күнү сезээр экен катасын.
Өлсөм калат, жер алдында жатам, деп,
Ойлойт бекен насип кылбай калаарын.

# СТУДЕНТТИК КҮНДӨР ӨТКӨН

Айылчылап келем, кетем Ош жериме,
Күйөө бала, кыздар болсун кел дегенге.
Аллага миң мертебе тообо кылам,
Ошолорго Кудай өзү бак бергенге.

Ойлонуп олтурган кезим менин,
Паркында Черемушка Ош жеримин.
Бир учурда студенттик күндөр өткөн,
Жаш мезгилдин ойготуп сезимдерин.

Ал мезгилден кырк беш жыл өтүп кетти,
Балам эмес неберем бойго жетти.
Бактылуу карылыктын доорун сүрүп,
Баалайлык жакшы учур келген кезди.

# НИКЕ КАЙЫП

Баш кошууну нике кайып деп коёт,
Ал баракка ата-энебиз кол коёт.
Тагдырыңа баш ийгинин, балам, деп,
Бараар жериң кандай жандар болжобойт.

Күн тиеби, же караңгыда каламбы,
Башым менен жерди казсам жагамбы.
Жакпай калып баалабаска туш болуп,
Казган орго өзүм түшүп каламбы.

Жашап калдым чымырканып көтөрүп,
Үн катпастан аста секин жөтөлүп.
Балам жатат мемиреген уйкуда,
Ак бешикте ак шейшепке бөлөнүп.

Ата-энеңдин ак барагын аттабай,
Кетип калсам аларды мен барктабай.
Чоң мыйзамды бузуп койгон сыяктуу,
Барсам деле жеңе, агага бата албай.

## СЫЙМЫКТАНЫП ЖАШАДЫМ УУЛ-КЫЗДАРЫМА

Өздүк майрам, туулган күнүм, балдарым,
Кошкон окшойм бир адамдын катарын.
Ар бир күнүм кандай өмүр кечирсем,
Силер менен мен бактылуу апамын.

Тирүүлүк деп сыймыктанам, жашадым,
Турмуш туура жолду бирге басамын.
Жашоо-өмүр бактылуулук тилеймин,
Жараткандан мен суранам калганын.

Неберелер тегеректеп отурат,
Жан дүйнөмдү жыты менен тойгузат.
Ар биринин өз-өзүнчө орду бар,
Жакшы адамдын катарын күн толтурат.

Тилегеним – баарыңарга амандык,
Бул жашоодо көрбөгүлө жамандык.
Силерсиңер – таянаарым, жөлөгүм,
Жылдан жылга мен баратам картайып.

## ОРТАКТАРГА

Дос кадырын, дос сүйүүсүн билгенбиз,
Самап, самап сагынышып жүргөнбүз.
Дос болгонбуз ар жерде эмес, тар жерде,
Көңүл ачып, каткырышып күлгөнбүз.

Өзүбүздү айга, күнгө теңейбиз,
Жүрөк жаш, деп эч кимге сөз бербейбиз.
Сыйлашчубуз, сырдашчубуз дайыма,
Турмуштун да орду, ордун таап келгенбиз.

Дос болгонбуз пейилдери кепкенен,
Мактанабыз, биздей достор бар бекен?
Сүйүмкандын туулган күнү болуп атса,
Батмаканы, Сайраш, Турсун кайда экен?

Азыр көпкө жолугушпай жатабыз,
Уул-кыздан көп небере багабыз.
Мейличи, деп күлүп коюп тымызын,
Биз ошого өтө эле көп капабыз.

# ИНИМ АРЗЫБЕККЕ

Элүү жашың кутту болсун демекмин,
Сыр аякка толуп турат келбетиң.
Балдарыңа белек кылып калтырдың,
Ырдын төгүп, сөздүн терип берметин.

Балдарыңдын тилеп күндө бактысын,
Бир periште кыздын сүйгөн жарысың.
Түндүгүңдөн түтүнүңдү булатып,
Ата-баба төккөн киндик канысың.

Чамда иним, өсө берсин өркүнүң,
Саат эмес минут сайын төккүнүң.
Кесиптешиң, жээң каалайт ден-соолук,
Жакшы күндүн көрө бергин көп күнүн.

Ата журттун керегине жарадың,
Кен байлыкты кенен жазып бааладың.
Китептерди катар-катар чыгарып,
Эмгектенип чарчабадың, талбадың.

## НЕБЕРЕМЕ

Небере жытын искейм,
Кумарым канбай тиктейм.
Биринен бири ширин,
Вотсаппка күндө жүктөйм.

Эгизи, жалкысы бар,
Бойлору тең, барабар.
Окшошуп бир-бирине,
Көздөрү оттой жанаар.

Бактысы апасынын,
Тактысы атасынын.
Чоңойсо сыйлап алаар,
Таята, чоң атасын.

Өмүрүн тилеп келем,
Батамды күндө берем.
Айдай жүз чырайына,
Аллага таазим этем.

## КОНОКТОРГО

Келгин иним, келгин биздин катарга,
Чыга бергин узун жолго, сапарга.
Кучак жайып сени тосуп алабыз,
Сендей акын келе берсин катарга.

Айта бергин, сөз учугун улагын,
Биздин жайды жай отуруп сурагын.
Тажырыйбаң, албетте, чоң экен,
Узун жолду дагы узартып улагын.

Кайдан келдиң, кайда жүрдүң көрүнбөй,
Катарга кел, эч бир бизден бөлүнбөй.
Бөксө аякты сендей кыздар толтурат,
Ошол аяк толо турсун төгүлбөй.

Группада чогулалы биригип,
Адам саны көбөйгөнгө сүйүнүп.
Ош кайрыктын демине дем кошолу,
Келгин десе кечикпестен жүгүрүп.

# ТИЛЕГИМ БАЛДАРЫМА

Окудум намазымды эрте туруп,
Балдарыма көп нерсе тилек кылып.
Ата-эненин тилегин Алла таалам,
Берип калаар бир күнү кудай буйруп.

Терезени карадым эрте туруп,
Кыздарыма көп нерсе тилек кылып.
Барган жерден бактысын берип кой деп,
Берээрин унутпасын кудай буйруп.

Жаратканым берээрин унутпасын,
Жаман жакка оодарып курутпасын.
Ийгиликтүү ишинин натыйжасын
Көргөзүп алар дагы жөн жатпасын.

Арамзаны Алла таалам жаман көрөт,
Аёосуз аркасынан тынбай сөгөт.
Алты саны аман туруп жата берсе,
Кудай өзү жазасын берип коёт.

## АПАМ ӨЗҮ БАШТАГАН

Ааламга жол апам өзү баштаган,
Ошол жолго мен да кадам таштагам.
Баскан изим бактылуулук жолун таап,
Турмуш күттүм, балдарыма мактанам.

Сүйлөсөм да апам менин сөзүмдө,
Карап калсам апам менин көзүмдө.
Бассам, турсам, отурсам да жанымда,
Согуп турат жүрөгүмдүн төрүндө.

Бүркөлсө да, чөгүп турса кабагым,
Апамды эстеп, ойго батып каламын.
Мага төккөн мээримине бөлөнүп,
Унутамын, жайнай түшөт жамалым.

# ТУУЛГАН ЖЕРИМ ЖАЛПАК-ТАШКА

Кен байлыгы, ырыскысы ташында,
Туулуп, өскөм ошол таштуу айылда.
Эзелтеден насип кылган элине,
Каниет кылам туугандарым барына.

Биз кичине, жаш мезгилде эселек,
Ошол ташка ойноп барып келчү элек.
Көмүр чыгат бир тообуз бар көрүнгөн,
Ал тообузду Алдаяр Тоо дечү элек.

Ташын дагы, турпагын да басканбыз,
Көмүрүн да, тезек, көңүн жакканбыз.
Ыргыткан таш кызга аталып калыптыр,
Бактыбызды башка айылдан тапканбыз.

Ошондо да эстен кетпейт айылыбыз,
Туулган күнү тамган киндик каныбыз.
Классташтар сыймыктанып сырдашып,
Ой бөлүшүп сүйүнөбүз баарыбыз.

Ошон үчүн Жалпак-Таш деп аталган,
Ата-баба аксакалдан бата алган.
Ошол байлык насип этсин жаштарга,
Эл-жеримдин бактысына жаралган.

# КАТАР ЖҮРӨМ САБЫҢДА

Ыраазымын, улуу-кичүү, жалпыңа,
Кабыл алдың катар баскан сабыңа.
Сүйүнөмүн, турпагы алтын тууганга,
Сыйынамын баалуу чыккан ташына.

Сыймыктанам кызы болуп калганга,
Сыйга барсам, төрдөн орун алганга.
Башка айылдын тузу насип этиптир,
Башты иебиз, тагдыр буйруп салганга.

Ыр жазууну аз да болсо буйруптур,
Жашоо мени камыр кылып жууруптур.
Колдон келсе, аттангының, кызым деп,
Камчы берип, жолум оңго буруптур.

Аз да болсо ыр жазууну болжодум,
Жашым өттү, бел ашууда жолдомун.
Алла буйруп, чыгып калса китебим,
Жакындарым окуйт деген ойдомун.

## ҮЧ КАПЧАЛ

Капчалда туптунук суу агат эле,
Шары күчтүү, кулак мурун, жарат эле.
Жээк бойлоп, үч капчалдык туугандарым
Кезүүсүн айдап барып багат эле.

Ал суунун, нугун буруп салышыптыр,
Заманбап, кран кылып алышыптыр.
Табийгат, тартуулаган белек болуп,
Бакандап, суу көтөрбөй калышыптыр.

Түйшүгү келиндердин жеңилдептир,
Булар да жакшы күндү көрсүн дептир.
Чет элди, бөтөн жерди эңсебестен,
Түшкөн жердин түйшүгүнө көнсүн дептир.

## КЛАССТАШ КУРБУЛАРГА

Ойнодук жаш көпөлөк кезибизде,
Дайыма жүрөт биздин эсибизде.
Шарактап балдар менен кубалашып,
Концерт коюп ырдачубуз элибизге.

Агайлар “тоок мээлер” деп урушчу эле,
Кеч калганды бутка тээп курутчу эле.
Кечиксе сабагынан айрым балдар,
Бир буттарын көтөрүп турушчу эле.

Ким каалаган адамына баш кошушту,
Иймечээк, ыймандуу жар болушту.
Уул төрөп, кызды төрөп, уучун улап,
Эрмегим эстүү бол деп ат коюшту.

Апа болдук, ата болдук жаркылдаган,
Далай күн, узак мезгил, өттү заман.
Жашыбыз алтымыштан өтүп калды,
Эми бизге тынчтык керек жалаң-жалаң.

Ошол кездер, көрсө, жакшы учур экен,
Бактагы бөөртүп турган бүчүр экен.
Сурансак кол булгалап кайра кел деп,
Айтчы, достор, кайрылып келээр бекен?

## АЛЛА БЕРГЕН ПЕРИШТЕ

Үйдөн чыксаң, жоктойм сенин жогуңду,
Кирип келсең, кармайм ысык колуңду.
Аллахыман тилек кылып келгемин,
Бүгүнкү күн, куттуу ушул тоюңду.

Улуу-кичүү ,таазим кылам баарыңа,
Тойго келген урук-тууган, жалпыңа.
Ыраазымын, кабыл болсун батаңар,
Салайынчы, ак жоолукту башыңа.

Ак жоолуктай аппак менин тилегим,
Апакелеп турсаң сүйөт жүрөгүм.
Мен да сендей баргам башка бүлөөгө,
Көнүшкөнчө кыйын болот, билемин.

Өзүмдөгү тарбияны беремин,
Кабыл алсаң, өз кызымдай көрөмүн.
Эне деген, жамандыкты каалабайт,
Периштесиң, Аллах берген белегим.

## 30 ЖЫЛДЫК ЖОЛУГУШУУ

Үлгүлүү деп үлгү болгон бул мектеп,
Келдик бүгүн көп нерсени элестеп.
Бул жаштыкты кайра кайрып бербестир,
Балдарыбыз калды бала жетелеп.

Бир канча жыл көзгө илинбей өтүптүр,
Балдарыбыз эрезеге жетиптир.
Турмуштун биз туткунунда жүргөндө,
Эл-жерибиз канча өзгөрүп кетиптир.

Классташ деп аты жакшы угулат,
Ар кайсыга көңүлүбүз бурулат.
Тиштер түшүп, чачты буурул басканда,
Эми бизге кыпкызыл гүл ким сунат?

Тилеген ой-максаттарга жетели,
Алгылачы толтурулган кесени.
Элүү жашты он сегизге алмашып,
Ыр ырдашып, ойноп, бийлеп кетели.

## КОШ, АК МЕКТЕП

Коштошомбу, кантип кыям өзүңдү,
Мээрим төгүп, жаркылдаган сөзүңдү.
Чоңойдуң сен, тартиптүү бол, балам деп,
Ойготчу элең уктап жаткан сезимди.

Кош, курдаштар, биз да бирден тарайбыз,
Өткөн күнгө бир кылчайып карайбыз.
Тентектикти, жалкоолукту унутуп,
Туулган жердин керегине жарайбыз.

Кош, агайлар, кош, эжеке, Ак мектеп,
Бизди өстүргөн өз баландай алпештеп.
Кадырыңа жетпедикпи, жеттикпи,
Кечиргиле, суранабыз миң ирээт.

## УУЛУМ БЕКТУРСУНГА

Жалгыз, деп жашоодо жарды болбойм,
Көңүлүмдө көп нерсе ага болжойм.
Ден-соолугу чың болуп, эсен жүрсө,
Үмүтүмдү актайт го, деп мен ойлоном.

Көшөгөсү көгөрүп экөө болсо,
Кудай өзү баштарын эсен койсо.
Күн өтүп, айлар өтүп, жылдар өтүп,
Эки башы он болуп, үйгө толсо.

Ак тилек орундалса аста-аста,
Балдарына той берип, бата алса.
Ага-тууган, инилери колдоп турса,
Иштеген иши менен элге жакса.

Апакелеп сыйлап турса уул-келинин,
Жашарат го он жылга сенин демиң.
Эр-азамат чоңойду деп күтүп турат,
Туулган жерин туу туткан сенин элиң.

# САРЫ КАМЫШ

Сары Камыш, кайын журтум, түшкөн жерим,
Суусун ичип, тузун таттым ошол жердин.
Бактымды таптым окшойт ошол жерден,
Сугарып суу жетпеген күңгөй жерин.

Күңгөйү бар кырк чородой тирелген,
Арасында мисте, бадам ширелген.
Тоо текеси төө моюнда жайгашып,
Ал эстелик дайым жашайт биз менен.

Тар дайра бар сай боюнда шар аккан,
Жээкти бойлоп, сугарышып мал баккан.
Жесең даамы тандайыңдан кетпеген
Учук күрүч этегинде жайгашкан.

Ар бир элдин тарыхы бар өзүнчө,
Ата-баба айтып келет сөзүндө.
Кийинки муун, өсө турган жаштарга,
Керек болот жазып кетсек көбүнчө.

Билимдүүлөр арасынан көп чыккан,
Эже-агайлар турмушунда тың, тыкан.
Сугарышат билим менен балдарды
Кесиптерин аздектешип тырышкан.

# КЫЗЫМ БЕРМЕТКЕ

Ойлосом оюмдан кетпей койдуң,
Мага дале секелек, жаш бойдонсуң.
Тарбиялап, уядан учурдум го,
Бактылуу бол, ачылсын баскан жолуң.

Кийгиздим го кийимдин мен жаңысын,
Аткардым го эненин бир парызын.
Түйшүк үчүн урушсам, кечирип кой,
Тентектигиң эске алдым мен баарысын.

Сагынамын, мен сени сагынамын,
Айла жоктон тагдырга багынамын.
Кайда жүрсөң эсен бол, Алтын кызым,
Сүрөтүңдү көргөн сайын жалынамын.

Турмуштан Аллах буйруп ордуң таптың,
Кайын журт, кайненеге абдан жактың.
Аймончок балдарыңа апа болуп,
Канча бел, канча ашуу жолду бастың.

Аша бер, түбөлүкө ачылсын жол,
Тагдырлаш Дөөлөт менен кармашкан кол.
Ар дайым зоболоңор бийик болуп,
Бактылуу ата, апа, чоң эне бол.

## ШҮГҮР КЫЛАМ

Шүгүр кылам бергенине балдарды,
Бир атадан, бир энеден кандары.
Бешенеме берген чыгаар дагы да,
Көбөйсө экен дагы-дагы сандары.

Шүгүр кылам бергенине кыздарды,
Бактысын таап, ашып кетти кырларды.
Өзүбүздүн өлкө эмес башкадан,
Терип жеди ырыскысын туздарды.

Бешенеге жазгандарын көрүшөт,
Жакшылыкта, же жамандыкта өбүшөт.
Ал да болсо алсыздыгы бийликтин,
Эгиндерин башка жерге себишет.

Ата-энеден алыс жүрөт сагынып,
Тагдыр салса башын ийип багынып.
Мен да жүрөм караанына зар болуп,
Үн чыгарам телефонумду жаңыртып.

## ЖАШООДОН БИР ҮЗҮМ

Ар кыл ойлор ар тарапка жетелеп,
Жаш мезгилиң гүлгө конгон көпөлөк.
Акынсыңбы, ырчысыңбы, билбейсиң,
Учуп жүргөн куштай болуп көкөлөп.

Мезгил өтөт, билбейсиң ким болооруң,
Жүрөгүңдүн кимге буйруп согоорун.
Күтүп турат, тагдырыңа байланып,
Илимпоз же, койчу кылып коёорун.

Союз мезгил, аппак койду бакканбыз,
Арча, кайың, куураган тал жакканбыз.
Чатыр тигип, суукта ороп төшөккө,
Термеп бешик, уул-кыздарды бакканбыз.

Меринос деп, жүнү баалуу турчу эле,
Кыркым учур чабандарды укчу эле.
Ишенгени кара күчүн аябай,
Барктуусу да, кадырлуусу койчу эле.

Кыйынчылык, түйшүгүнө чыдаган,
Кылган ишин эч бир милдет кылбаган.
Үй-бүлөгө камкор болгон аталар,
Күндүн суугу, жамгырда да тынбаган.

Бээ байлашып, кымыз ичкен жайлоодо,
Ондон кулун, желе толуп байлоодо,
Келиндери казанга нан бышырып,
Жигиттери туз төгүшүп койлорго.

Саап уюн, каймак, майын белендеп,
Келгилечи, түшкү тамак берем деп.
Тамак даяр, отургула, балдарым,
Тоюп алсын, көп жасадым жесин деп.

## БАЛДАРЫМА ТААЗИМ

Ай мончоктой, уул-кызың сыйлап сарпай кийгизсе.
Ак мээнетиң адал го деп, ыраазылык билдирсе.
Башын ийип, таазим кылып, эстүү чыкса балдарың.
Жүрөктөгү тамырыңды кан айлантып жүргүзсө.

Ак сүтүмдү актадың го, деген сөзгө жарайлы,
Келгилечи апакелер, балдарга көз салалы.
Кемчилиги, каталары болсо эгер кечирип,
Кеткен күндө биз токтобой түз бейишке баралы.

Бейишиңди берсин десе, бек кучактап өбөлү,
Белек эле максат эмес, амандыгын көрөлү.
Уул-кызды берип койгон Аллахыма шүгүр, деп,
Мээрим төгүп, аз да болсо пенсиядан бөлөлү.

## КЕЛИНИМЕ

Келин дебе, келин жасайт ишиңди,
Келин дебе, келин басат изиңди.
Мейман келсе, дасторконун жайнатып,
Жаркылдатып тосуп коёт кишиңди.

Келин эртең келишкен бир байбиче,
Уул-келинге насаат берген кайнене.
Небереси үйгө толуп шарактап,
Кыз-балдардын балдарына таене.

Урматтаган уул-кыздын апасы,
Кечирип кой, иште болсо катасы.
Мамилеңди жумшак кылып сүйлөсөң,
Күлүп жүрөт, ачык болот кабагы.

Уулду төрөп, кызды төрөп берет ал,
Ченебестен чейрек үрөн себет ал.
Чыдап койсоң чыйрак болот келиниң,
Чымырканып кызмат менен жеңет ал.

# ЖАШ БОЙДОН КАЛЫП КАЛДЫМ

Ойгонуп, куттуктооңду кабыл алдым,
Алдым да, көп ойлорго батып калдым.
Мен үчүн канча майрам өтсө дагы,
Балдарыма жапжаш бойдон калып калдым.

Келечек, кең дүйнөмдү ачып салдым,
Урмат-сый баткагына батып калдым.
Ойлорум орундалып, буйруптур деп,
Бейишти элестетип жатып калдым.

Жараткан, аллахыма жалынамын,
Бар болуп, жок күнүмө таарынбадым.
Алты сан, айдай жүздү берип койгон,
Миң мерте тообо кылып багынамын.

# ЖҮК АРТПАГЫН БАЛДАРГА

Мээнеттин да ырааты бар артында,
Ар кыл адам жашайбыз го калкымда.
Акча күтүп, алыстагы балдардан,
Жапжаш туруп, балдарга жүк артынба.

Тогуз айлап толгоо тарткан апалар,
Бизде деле болуп калат каталар.
Жаш мезгилин эске албастан, оор жумуш,
Койгон учур болуп калган талаптар.

Балдар үчүн баарын-баарын жасайлы,
Береличи бетке тартып батаны.
Жолу шыдыр, жолго чыкса, күн болжоп,
Бейпил болсун бараткан жол сапары.

## МЕЗГИЛ КЕЛЕТ

Мезгил келет, бетти бырыш аралайт,
Мезгил келет, тиш өңүнөн саргаят.
Мезгил келет, алты саның аксатып,
Мезгил келет, жан дүйнөңдү жаралайт.

Мезгил келет, чачтарыңды ак басат,
Мезгил келет, көз тунарып чарчатат.
Мезгил келет, түз жолуңдан адашып,
Мезгил келет зырылдатып
бел сөөгүңдү какшатат.

Мезгил келет, унуттурат өткөндү,
Мезгил келет, таанбайсың көргөндү.
Мезгил келет, жакшылардан айрылып,
Мезгил келет, мончок жашың төккөндү.

Мезгил келет, бутту сүйрөп, жер чийип,
Мезгил келет, көйнөгүңдү кең кийип.
Мезгил келет, эч нерсени каалабай,
Мезгил өтөт, карылыкка баш ийип.

# КЕЛЕТ БИР КҮН КАРЫЛЫК

Бир мезгилде оттой болуп жанасың,
Кыялыңда тоону дагы жарасың.
Кийсең кийим, баскан жолуң жарашып,
Кандай адам бир караса жагасың.

Карылыктан, кабарың жок, билбейсиң,
Жакын турса алыс жакты тиктейсиң.
Сулуулукту жоготуудан коркуп сен,
Дарбазасын ачып койсо кирбейсиң.

Бирок, чындык – бир күн келет карылык,
Өткөн күндү ушунчалык сагынтып.
Ой-максатың орду-ордуна келгенде,
Билесиң го калганыңды багынып.

Карылыктан, коркпо жаным, дээр элем,
Жаратканым эриш-аркак сени менен.
Уул-кыздарың катар басса жанашып,
Бешенемди аарчып коём тер менен.

# КОЛ ОЙНОТУП
# КОМУЗ ЧЕРТКЕН АГАМА

Акын жазат аалам сырын ачам, деп,
Ыр куралым, ырдан кудук казам, деп.
Мен да жазып ар тараптуу темада,
Агам черткен комуз сырын ачам, деп.

Өрүк комуз атам чаап берчү эле,
Алтын атам ар тараптуу уста эле.
Өрүк комуз өргөөсүндө илинип,
Агам үчүн дайым даяр турчу эле.

Комузуна добушу төп келишкен,
Ыраазылык айтып, бата беришкен.
Жеңишбектин ырын ырдап, күү чертип,
Отуруштун көркүн ачып кетишкен.

Ал таланты чыкпай калды алыска,
Чыга албады комуз чертип жарышка.
Ааламдан ал эрте кетип калбаса,
Түшөт эле комуз үчүн намыска.

## КЫЗЫМ БЕКЗААДАГА

Бекунун балалыгы абдан ширин,
Муну да учурунда баалай билгин.
Эркелейт атасына, апасына,
Уккуң келет сүйлөсө анын тилин.

Күндө жейт конфет менен шоколадды,
Тамшантып бирге ойногон курбуларды.
Жалдырап, бир тиштетип койчу дешип,
Аргасыздан жеп калышат жарты нанды.

Алтындай балалыктын доорун сүрсүн,
Ден-соолугу чың болуп, аман жүрсүн.
Эркелеп баарыбызга эрмек болуп,
Эркин өсүп, каткырып ойноп-күлсүн.

# ЖАШООДОН КЕТКЕН УЧУРДА

Мен өлгөндө байкуш апам мыкты дейсиң,
Аттиң ай, ажал кайдан чыкты дейсиң.
Жараткан жарым саатка тирилтчи, деп,
Жалбарып, үнүбүздү укчу дейсиң.

Жаштыгың кайрылбастан артта калат,
Сулуулук бырыш басып карып барат.
Түшүнүп, күнөөңдү сезе билсең,
Жан дүйнөң бактылуулук жолун табат.

Энемин эрте туруп дуба кылган,
Жакшы сөз, жакшы ойлорго башты бурган.
Тилеймин балдарыма бактылуулук,
Түгөнбөс түрдүү жемиш бакты курган.

## АТАМА

Атам өзү орто дыйкан киши эле,
Айткан сөзү жөпжөнөкөй, түз эле.
Жан кейитип капалыгы билинсе,
Эх, балам, деп үшкүрүнүп койчу эле.

Кадырына жетпедикпи, жеттикпи,
Же атамды капалантып кеттикпи,
Адам үчүн өмүр кымбат турбайбы,
Турмуш бизге келген кезде сездикпи.

Апам экөө кол кармашып жашады,
Балдарына тең салмакта карады.
Небере эмес, чебересин жетелеп,
Берди окшойт нечендеген батаны.

Ыраазымын атам менен апама,
Мен да апа болуп калдым балама.
Мезгил тынбай өтө берет турбайбы,
Сыйлап алгын ата-энеңди садага.

# ТУРМУШ ЖОЛУНА

Мандай жарып жаркылдайсың, күлөсүң,
Дайым мага бала бойдон жүрөсүң.
Бактылуу бол, таалайлуу бол, жан балам,
Менден кеттиң, сен бөлөккө бүлөсүң.

Учурдук биз уябыздан бапестеп,
Сыйлап алгын кайнененди аздектеп.
Жумушунан чарчап келсе кайнатаң,
Төшөгүңдү салып жүргүн төрт бүктөп.

Алайдын тузу таттуу болсо экен,
Бак-таалай бутагыңа консо экен.
Жаркылдап бири кирип, бири чыгып,
Наристе үйүңөргө толсо экен.

Сүйүүңөргө сүйүү кошом барабар,
Сүттөй аппак боло берсин араңар.
Ортоңордо ойноп-күлүп турса экен
Эмдиги жыл эки эгиз балаңар.

## АРМАН ЖАШОО

Жаштыгым өткөнсүдү тез, билинбей,
Же бүркүттүн үзүп кеткен жибиндей.
Барктадыкпы, бааладыкпы өмүрдү,
Ыр жараттым жакшылардын изиндей.

Камкор ата, камкор эне болгонбуз,
Рахмат деп алкыш алып койгонбуз.
Эл-жер үчүн аябастан ал күчтү,
Мейман келсе сыйлап койду сойгонбуз.

Тең арыйбыз, тең карыйбыз дечү элек.
Бир кездерде, жаш мезгилде эселек.
Тагдыр экен балдар сыйын көрөөрдө,
Жакшы күнүн көрө албадык экөөлөп.

Балдарыңдан ызат-урмат көрөөрдө,
Сыр бөлүшүп бешене тер төгөөрдө,
Кайран өмүр эрте соолуп калабы,
Кыздарына жаман күндү көргөзбө.

Жакшы жүрүп, жакшы өлмөк жок экен,
Ажал улук, жакшы, жаман тең экен.
Ойлогон ой, максаттарга жете албай,
Оо дүйнөдө жакшы жашоо бар бекен.

# КЫЗДАРЫМДЫН АРМАНЫ

Өзүң эмес, көзүңүзгө жетпедик,
Аттиң, арман, ушул күндү сезбедик.
Биздин сизди сыйлаар мезгил келгенде,
Орду толгус жоготууга туш келдик.

Бизге айтаар керээз сөзүң укпадык,
Акыркы суу ичиңиз деп сунбадык.
Арманыбыз жүрөт жүрөк жаралап,
Ар күн жоктоп, ыйлап-ыйлап сыздадык.

Неберелер тарых ачаар барактап,
Сүрөтүңүз сүйлөп берээр сабактап.
Чоң атабыз жакшы адам экен, деп,
Сыймыктанып айтып жүрөт баяндап.

Жүрө бериң бейиш багын аралап,
Агаңызды, иниңизди бек кучактап, агалап.
Атаңызга, апаңызга кошулуп,
Жегениңиз болсун бышкан карагат.

Атакебай, сизге салам айтабыз,
Жайыңызга куран окуп кайтабыз.
Сиздин берген тарбиянын таасири,
Турмуштан биз аксабадык, байкаңыз!

# АДАШКАН СҮЙҮҮ

Сүйүү бул кимге, кимдерге келип, кетпеген?
Сүйүү бул жалган учуруп, жерге тепсеген.
Сүйдүрүп коюп, сүрөтүн берип, кош айтып,
Жашоодо арман жабыркап күндө эстеген.

Сүйүшүп жүрүп жашоодо болот жат адам,
Чырайын көрүп сүйүүсүн сүттөй арнаган.
Жай өтүп кыштын ызгаары дагы билинбей,
Ишинен үйгө көңүлсүз кадам таштаган.

Ойлонуп туруп, оюңду топто, чырагым,
Орундуу болсун тандаган селки ынагың.
Күнүмдүк эмес, түбөлүк өмүр сүрөсүң,
Кайнатып туруп ичпейсиң анын чырайын.

Кыз-жигит кезде билбейсиң анын жаманын,
Оорбу, же жеңил тагдыры талдайт салмагын.
Бешене базар кыйышпай туруп аласың,
Сезесиң кийин турмуштун чынын, жалганын.

## БУЛ СЕЗИМ

Бул дүйнөнүн түбүнө ким жетиптир,
Экинчи ирет жаралып ким келиптир.
Байыртадан баёо биздин калкыбыз,
Ойнош ойноп, бузулду го дешиптир.

Түшүнөм мен, күнөөлөбөйм андайды,
Жүрөгүнүн түнөгүн таап албайбы.
Көрүнгөнгө көөдөнүнөн сөз бербей,
Кол кармашып бирөө менен барбайбы.

Турмушум бар, мен экиге бөлүнбөйм,
Же мен сизге секелек кыз көрүнбөйм.
Кыз адеби кымбат турат баарынан,
Өзүмкүнөн башкага мен бөлүнбөйм.

# АТАҢДЫН АРМАНЫ

Карадың сен кел дегенсип,
Ушул жай сөз дегенсип
Түбөлүк бейиш экен,
Колуңду бер дегенсип.

Учурашып келдиңерби
Сүрөтүмдү илдиңерби,
Жалгыздык жаман экен,
Балдарым билдиңерби

Келдиңерби жолугууга
Сарсанаа болбогула.
Бейиште жүрөмүн мен
Куранды окугула.

Убакыт көп өтүптүр,
Улгайган күн жетиптир
Аманат болгонума,
Тирүүлүк эч сезбептир

Кыйнасам мен силерди
Нааразы болбогула.
Түбөлүк ыраазымын,
Апаңды ойлогула.

Ал байкуш силер менен
Билсеңер мейман экен
Көңүлүн оорутпагын,
Аманат калтырдым мен

Арка-бел болот сага,
Куранды окуйт мага.

Ыйлатсаң ал байкушту,
Айыкпайт жүрөк жара.

Кадырын билбептирмин,
Оорутуп жүрөктөрүн.
Оор турмуш кыйнаганда,
Каяша сүйлөптүрмүн.

Жашжашыл көктөм келсе,
Өкүндүм өткөн кезге.
Башкача сыйлашмакпыз,
Тирүүлүк кайра келсе.

Мен азыр жансыз жатам,
Силерден куран тилеп.
Окусаңар мени эстеп,
Тамырым суу ичет кенен.

Алтын баш кеткен менен,
Рухуң кетпейт экен.
Көз күнү бирге болом,
Көрүнбөй силер менен.

Ыйманың болсун балам,
Куранды окуганга.
Үмүтүм тоодой сага,
Аткарсаң уктап жатам.

Керээзди айта албадым,
Билбедим аттанганым.
Жалгызсың, сезип турам,
Жан шерик боло албадым.

## ТҮШТӨГҮ СҮЙҮҮ

Сүйөмүн, сүйгөн жанмын,
Мен үчүн кымбат жансың.
Буйруган бир сулууга,
Жашоодо шерик жанмын.

Кадырым билсең болду,
Узартып кыска жолду.
Периште жан сыяктуу,
Түшүмөн кетпей койду.

Күн ачык, ай караңгы,
Жүрөгүм жараланды.
Түштөгү периштени
Издесем таба аламбы?

Көңүлүм сенде турат,
Өзүңөн алып кубат.
Ыр төгөм созолонтуп,
Комузду күүлөп бурап.

## МАЙЫПТАРГА

Жарым көңүл, жарты адамды сындырба,
Кеп кыйытып, жаман сөздү жылдырба.
Жүрөгү бош, көөдөндөрү таптаза,
Колдон келсе бөлөйлүчү чоң сыйга.

Көз ирмемде кырсык чалып коёорун,
Эске алалы бир балакет болоорун.
Бешенеге жазып койсо көрөбүз,
Бейиштиби, же жер алдында тозогун.

Бул жашоону бизге берген аманат,
Аманатка кылбайлы биз кыянат.
Муктаж болуп турган болсо мээримге,
Кол суналы, жардам бериш бул адат.

# НАРКТУУ МЕНИН ЖЕҢЕКЕМ

Наркы менен салтты бекем сактаган,
Үлгү болуп, кийинки муун барктаган.
Уул чоңойтуп, кыздары таап бак ордун,
Көп балалуу "Баатыр эне" аталган.

Баарлашканга насаат айта сүйлөгөн,
Ак дилинен алга карай үндөгөн.
Уздук жагын айтпай кетсем болбостур,
Устат болуп кыз-келинди түптөгөн.

Өнөрү көп, өргө чапкан жеңекем,
Ким айта алат теңээр жеңе бар бекен.
Көргөн кезде төгүп айтчу уйкаштык,
Тастыктайт го талантын колдо калем.

Өзгөчөсүз бардык жактан төп келген,
Эл ичинде барк тапкансыз эмгектен.
Убагында мал чарбасын өндүрүп,
Бирде бешик,бирде дүйнө терметкен.

## ОРТОМЧУБУЗ ЖЕҢЕКЕМ

Сүйлөшкөн да, сүйүшкөн да эмеспиз,
Ортомчубуз болгон эле жеңебиз.
Мен уялып, ал да менден тартынып,
Көп убакыт сүйлөшө албай сүрдөппүз.

Ал кат жазса бере албай буйдалып,
Булакка мен бара койсом суу алып.
Ал да жөнөйт шашып-бушуп артымдан,
Ат ойнотуп, аргымагын сугарып.

Үй артында кетмен сапка гүл ороп,
Келген экен сүйлөшөм деп күн болжоп.
Жамгыр төгүп, катуу нөшөр жааганда,
Үйүн көздөй жөнөп кетти суу бойлоп.

Акыр бир күн болжогон күн келиптир,
Баш кошууга мөөнөтүбүз жетиптир.
Ак никелеп каада-салтты аткарып,
Ак тоюбуз ушул күн деп чечиптир.

Турмушубуз күндөн күнгө уланып,
Күн артынан күндөр өтүп чубалып.
Мен үйдөмүн, ал жумушун аткарат,
Бала жытын өпкөн сайын кубанып.

# ЖАНЫБАРДЫН ЖАШООСУ

Жан-жаныбар таң эртеде үн салат,
Биринчи эле короз курат салтанат.
Кичинекей курсагынын айынан,
Чычкан жойлоп күн-түн жүрөт уктабайт.

Мышык байкуш дарты эле уурулук,
Чыга калса чычканды жеп курутуп.
Башын салат идиш-аяк, тамакка,
Башка чапсаң чыга качат суурулуп.

Бир булуңда үрүп коюп ит жатат,
Эшек экөө коңшу болуп бир жашайт.
Фляга артып жөнөп калса дайрага,
Кур калгансып ээрчип алат шыйпаңдап.

Там артынан жылкы дагы кишенейт,
Чөпкө ыраазы, кашек эле берчи дейт.
Минип чыксаң көп ишиңди бүтүрөм,
Улак чапсаң эч чарчабай жүгүрөм.

Музоо турат челек күтүп жалдырап,
Жок дегенде бир эмчегин ашырат.
Кудай жалгап уй кезүүдөн кайтканда,
Чуркап чыгып тешик издеп шашылат.

Кой-эчкиге карбы, жаанбы, баары бир,
Кошо жатат бир короодо, жаны бир.
Эчки чыгат, жайыт жакка биринчи,
Ташты сүйөт, таш экөөнүн тили бир.

Бардык малга ээси тегиз көз салат,
Бирок иштеп мал кароодон чарчабайт.
Чыгашасын, кирешесин эсептеп,
Ичтен муюп кулдулуңдап мактанат.

## МАҢКА БОЛУП КАЛЫШТЫ

Телиң чукуп сен олтура бербесең,
Сагынгандан сүйлөшүүгө келгем мен.
Бириң төрдө, бириң бурчта чукуйсуң,
Жан дүйнөңүн жанчылганын сезбестен.

Телефон болгон почтальондун үйүндө,
Кат-кабарды жеткирген ал үйүнө.
Пенсиясы, пособия келгенде,
Почтальонду күтөөр эле сүйүнө.

Ар бир үйдө кеми бештен телефон,
Сый-урматы бир-бирине жоголгон.
Бардык ишти телефон менен бүтүрүп,
Коңшу менен айылчылашмай ойногон.

Туугандар да чогулушуп отурбай,
Жан дүйнөсүн жакшы сөзгө толтурбай.
Жамандыкта, же тойлордо жолугуп,
Ызаат-урмат көлдө калды соолуган.

Интернеттин ичин чубап салышты,
Китеп ачпай барактарын жабышты.
Мукактанып оюн туура айта албай,
Мурдулары маңка болуп калышты.

## БАЙГА

Ай мончоктой балдарыңа атасың,
Сүйүнөсүң сезип койсо катасын.
Ар бир ырың канжар саят жүрөккө,
Мен айта алам эң жогорку сапатын.

Бүгүн эле окудум көп ырыңды,
Мен да сага айтайынбы чынымды.
Болгон чындык баардык ойду камтыган,
Байлаптырсың чынжыр менен ырыңды.

Акындын да акыны бар ичинде,
Көрөңгөсү түгөнбөгөн тилинде.
Ошол акын өзүңсүң, деп баа берем,
Бирок канбай калган өңдүү сүйүүгө.

ЛИРИКАНЫ келиштире жазасың,
Агын дагы, айта аласың карасын.
Чын илхамың келип калган учурда,
Бишкек калат, көлдү көздөй барасың.

Ойго батып жээкте отурган кезинде,
Бир сулууну тез эле таап аласың.

Ошол кызга ырың менен жагасың...

## КАЙГЫЛУУ САПАР

Ар тарап жашооңо максат койгон,
Жүрөсүң келе албай ошол бойдон.
Уул төрөп САПАР деген атты койду,
Наристең чыгып келди роддомдон.

Кээ кезде жан дүйнөң тарып барат,
Акчаң да чөнтөгүңө сыйбай калат.
Жүрөгүңдү кусалык өйкөгөндө,
Мээ кайнаган ысык болуп күйүп жанат.

Наристең бир жаш болуп там-туң басты,
Сагыныч кусалыкты билбей калды.
Кокустук болуп кетти суук кабар,
Ошол бойдон ата жытын сезбей калды.

Өкүнүч да, кубаныч бирдей келет,
Тагдырыңа буйруп койсо күтпөй берет.
Барганың бушайманга салды баарын,
Жубайың күткөн бойдон кала берет.

Ажал деп замандан көрөбүз да ,
Баары бир буйруп койсо көнөбүз да.
Нечени көр оокат деп ажал тапты,
Көлдөтүп көз жаштарды төгүп канча.

Кошунам бул тагдырга туш болушту,
Жарык эмес караңгы күн тосушту.
Жаза тайып этаждан учуп түшүп,
Түш болсун деп жакшылыкка жоорутушту.

## АРМАНДУУ АПАМА

Оорудуң, эки көздөн ажырадың,
Онтодуң, жаратканга жалдырадың.
Ал сенин күнөөң эмес, алтын апам,
Алланын көтөрө алдың сынаганын.

Ай карап, таңды дагы атырдың да,
Армандуу ичке кайгы батырдың да.
Күн санап күүгүм кирип келатканда,
Күч менен күйүтүңдү батырдың да.

Ойлонуп таңды дагы атырдың да,
Ойгонуп неберенди чакырдың да.
Саат канча айтып койчу чырагым деп,
Санааңды секин ичке батырдың да.

Кереге боосун бирден чечтиңби, апа,
Уул-кыздардын убайын кечтиңби, апа.
Боор толгоп босогодо туруп калдык,
Келбеген жайды көздөй кеттиңби, апа.

АЙКУТТУН айдай жүзүн көрбөй калдың,
Ага да эч бир көңүл бөлбөй калдың.
Андан бери көп жылдар, айлар өтүп,
Бейиштин төр жагынан орун алдың.

## АЧ КӨЗДӨРГӨ АМАНАТ

Билбейбиз эртеңки күн не болоорун,
Булут басып, жамгыр жаап, муз тоңоорун.
Ойлонолу акырет жашообузду,
Кайдыгерлик капаска салып коёорун.

Көрөөр күнүң менэттүү ыраат менен,
Мээнет кылсаң Кудайым берет кенен.
Көп нерсе сөөк менен кошо кетет,
Ичи тар ач көздүк болсо сенден.

Заманга жабыштырбай жашообузду,
Шилтеген бутту тушап коёбузбу?
Көпөстөр көзү тойбой жашай берсин,
Жан дүйнө тазалыгын соёбузбу.

Балдарды да тарбиялап өстүрөлү,
Беш колун салбаганга көндүрөлү.
Өзүбүздөн баштайлы тазалыкты,
Байлык үчүн өзгөрбөй жөн жүрөлү.

Тууганды да душман кылып акча бөлөт,
Эки жүздүү беттер чыгып абийир төгөт.
Бай болуп эл көзүнө жүргөн менен,
Алланын алдында ал башын жөлөйт.

Элдин акы сени эч качан ойлоп койбойт,
Кыя албайсың көңүлүң эч бир тойбойт.
Сыздатып бей-бечара акын жесең,
Оо дүйнөдө жан-жаныбар сени тонойт.

## ЖАҢЫ ЖАШОО БЕРДИҢЕР

Орозоңуз кабыл болсун, дедиңер,
Жан дүйнөмө жаңы жашоо бердиңер.
Курсак ачып тандай катып турганда,
Кан тамырды бир сугарып кеттиңер.

Ыраазылык баарыңарга билдирем,
Тамырыңа мен да суусун жүргүзөм.
Отуз күндүк орозонун бир күнүн,
Биргеликте ооз ачканга мен күтөм

Бир убакта бирдей оозду ачабыз,
Жакшы тилек, бата, дуба айтабыз.
Тарабага шашып туруп кийинип,
Жолго чыгып Мечит көздөй басабыз.

Орозону каза кылбай туталы,
Жаштар үчүн СЕПИЛ коргон куралы.
Аманчылык, сооп иштерди көп жасап,
Келерки жыл сапар тартып туралы.

## АЙНУРАКАН СИҢДИМЕ

Сен баскан жол кимдер түздөп баса алат,
Сен жасаган иштер кандай бааланат.
Биз баалаадык, ыраазылык айтабыз,
Кылган ишиң жүрөктөрдө сакталат.

Эркек мүнөз, эстүү чыккан аялсың,
Артыңдагы жаштар сага таянсын.
Баскан жолуң, кийсең кийимиң жарашып,
Түздөнүшүп эки жагын карансын.

Бактылуусуң, минсең Волга жарашкан,
Жаш кезиңде көп жигиттер талашкан.
Карыдым деп капа болбо чырагым,
ДОМКОМ бол деп ишенимдүү шайлашкан.

Өзгөлөрдөн өзгөчөрөөк мүнөзүң,
Бөлөктөрдөн бөлөк согот жүрөгүң.
Балалыктын доорун сүрдүм деп айттың,
Чуркап жүрүп жеткен чыгаар түгөйүң.

# КИТЕП КӨРКҮ ЖАРАТЫЛЫШ ИЗ МЕНЕН

Жаратылыш төрт мезгилди камтыган,
Жаз жана жай жыты менен аңкыган.
Күз мезгили күмүш түскө боёлуп,
Кыш мезгилде аппак килем салынган.

Жайдын күнү жамгыр жааса себелеп,
Күндү тосуп булут турат тегерек.
Өрүк гүлү чанагынан ачканда,
Ак кар жаады жер жайнатып тебелеп.

Бутагына булбул сайрап үн салып,
Обон созуп ырдагансып күү чалып.
Жаратылыш жагымдуусу бак-дарак,
Шакта мөмө таазим кылып суйсалып.

Жаратылыш тоолор менен супсулуу,
Кылымдардан кылым жашап уп улуу.
Карын, ташын койнун ачып батырган,
Көмүрүм бар келгиле деп чакырган.

Мелмилдеген көлү да бар түбүндө,
Жан-жаныбар суу ичишет күнүгө.
Булут өтөт үстү-үстүнөн чубалып,
Аппак болуп көлөкөсүн түшүрө.

Шаркыратма дайрасы бар шум кылган,
Сапар тарткан кербенчиге туш кылган.

Аба, суусуз жашоо кыйын өзүнчө,
Тоолор тоого уланышат кыр-кырдан.

Китеп жазсам жаратылыш жандаган,
Жазгым келет кайра-кайра, кайрадан.
Күн, Ай менен азыктанган жемиши,
Өрүк, алма, жүзүмдөрүн тандагам.

Жаза берем, жаза берем кайрадан,
Шагы ийилип бышып турган анардан.
Тоо башында так секирип жүрүшкөн,
Жапайы жан күңгөй-тескей жайгашкан.

Китебинде жазып келет акындар,
Ар бетинде жаратылыш сабы бар.
Төрт мезгилди төрт сап ырга батырат,
Ошол китеп опол тоодой багы бар.

Кен байлыгын кертип тоодон казышты,
Көл баянын көркөм сөзгө салышты.
Чыңгыз ага, Алыкулдар баш болуп,
Ырга айлантып китеп кылып жазышты.

# ЭЛМИРБЕКТИН АЙКЕЛИНЕ

Өлбөс өнөр таштап кеттиң урпакка,
Керек эле сендей акын бул жакка.
Ажарыңды, аппак акак тишиңди,
Ыраа көрбөй калкың калды турпакка.

Ташта турат күлмүңдөгөн элесиң,
Балдарыңа кайдан эми келбейсиң.
Кусалыкты кучагына толтурдуң,
Жүрөк учун зырп эттирип кетесиң.

Эки талант баш кошконсуң биригип,
Сүйүүбүзгө жеттик го деп сүйүнүп.
Тагдырыңар эки айрылыш жол беле,
Ортоңордо чоң жарака из түшүп.

Оо дүйнөгө сапар алдың ээрчишип,
Бул жашоонун жалгандыгын сезишип,
Он алтында турмуш күткөн Гүлбүбү,
Тосту бекен бет алдыңдан кезигип.

Талантыңар калды элдин эсинде,
Мукам добуш жан киргизет сезимге.
Уккан сайын уккум келет тажабай,
Кайсыл учур уктасам да кечинде.

Аз өмүрдө көп иштерди жасадың,
Сахна көркүн ачып турчу ажарың.
Төкмө келсе төр бошот деп жар салып,
Акындарды куштай кылып таптадың.

Зайырбектей досту дагы күтүпсүң,
Бойдокчулук доорду бирге сүрүпсүң.
Акындыгың төкмөлүгүң окшошуп,
Ажалга да моюн сунуп түшүпсүң.

Дос күйүшөт ар жерде эмес, тар жерде,
Башка түйшүк түшүп турган кездерде,
Чыныгы дос далил болдуң экөөңөр,
Жүрсөң керек бейиш бактын төрүндө.

Ар тараптуу кесип менен төрөлдүң,
Тарбияңа, эл-жериңе сөйөндүң.
Талантыңды кыргыз эли унутпайт,
Сен тирүүсүң! Сен жүрөсүң, өлбөдүң.

## БАКТЫЛУУЛУК ЧОҢ ТҮЙШҮК

Бактылуулук байлык бийлик эместир,
Балдарыңа чоң тарбия керектир.
Өзүңдөгү жакшы сапат болбосо,
Терс таасири тийип калчу себептир.

Бактылуулук кымбат буюм эместир,
Жөнөкөйлүк жөнгө салуу керектир.
Бешене тер, адал оокат кылбасаң,
Анда жообун Аллах өзү береттир.

Балдарыңды эрезеге жеткирдиң,
Кымбат кийим, машинаны тептирдиң.
Кадырыңа жетээрин сен ойлобой,
Күрмөң толо күлүп коюп семирдиң.

Өзүң болдуң көңүл толо бактылуу,
Ошол сыйга болоор бекен татыктуу.
Болсун дейли даяр оокат үстүндө,
Анда өзүңдү сезе бергин бактылуу.

Кызга айтылган кырк эшиктен тыюу деп,
Өтө сонун каада-салттуу жакшы кеп.
Барган жерин, алган жарын сыйласа,
Тарбиямдын таасири деп билип өт.

Бакыт кушун байлап алуу өзүңдөн,
Кылган ишиң ойлоп сүйлөө сөзүңдөн.
Оомат келет эр жигитке үч жолу,
Кармап калсаң орун алат төрүңдөн.

Бактылуулук үй-бүлөөдөн башталат,
Орду-ордуна бирдей кадам ташталат.
Бири-бирине түшүнүшүп жашаса,
Үй-бүлөөдө күндө майрам, салтанат.

# ЧОҢ АТАДАН ЧОҢ БЕЛЕК

Алма гүлү бажырайып ачкан кез,
Ар тараптан күн шооласын чачкан кез.
Бирден сайып отургузган көчөттү,
Чоң атасы жер жазданып жаткан кез.

Неберелер чер жазышып жүгүрүп,
Гүлүн терип, жыттап алып сүйүнүп.
Алма бышып оозубузга түшөт деп,
Чымырканып күз келгенин күтүшүп.

Чоң атадан мал калганча бак калып,
Кубанышып сүрөт тартып мактанып.
Жаратылыш кереметти ушул, деп,
Чоң атанын эмгектери сакталып.

Жерде калбай жемиштерин теришет,
Тууган-урук ооз тийгизип беришет.
Жеген сайын чоң атасын эстешип,
Арбагына бата тилеп келишет.

Чоң атанын жүргөн жери бейиш бак,
Жүргөн чыгаар ошол бакты аралап.
Адал оокат изи калды балдарга,
Кете берди жүрөктөрүн жаралап.

# АЙЫЛДЫН КЕЛИНДЕРИ

*(Сары Камыш)*

Айылымдын түйшүгүнө чыдаган,
Кылган ишин эч бир милдет кылбаган.
Жуурулушуп кайын журттун шартына,
Уул-кыз төрөп учун узун улаган.

Жайлоо, кыштоо, бирдей кызмат өтөшөт,
Термеп бешик, уул-кыздарын бөлөшөт.
Камыр жайып, тандыр нанды жапканын
Баалап туруп ЭЛТР тартып көргөзөт.

Оймо төшөк, шырдак, кийиз жасашат,
Санына эмес, сапатына карашат.
Кол эмгектин түйшүгүнө түшүнгөн,
Чыныгы инсан ракмат деп баалашат.

Ар бир МАЙРАМ алар үчүн чоң дастан,
Улуу-кичүү баары бирдей катышкан.
Кыргыз көйнөк кымча белге жарашып,
Бийлеп турса ажарыңды ачышкан.

Көрүнбөгөн таланттар бар айылда,
Көргөзүшөт майрам учур жайында.
Көргөн сайын ыраазылык айтабыз,
Уюштурган чыгаан кыздар барына.

Талыбагын, ушунуңдан жазбагын,
Жаштык мезгил, жашоо сонун кармагын.
Төрт тарабың гүлдөй болуп ачылсын,
Ырдап, бийлеп жайнап турсун жамалың.

# ДАҢАЗАСЫ КЫЛЫМДАРДАН КЫЛЫМГА

Даңазалап даңктап айтса жарашкан,
Так ортодо көз айлантып караткан.
Койнун ачып канча жаран инсанды,
Азан айтып бир чоң мечит жайгашкан.

Көп улутту көп элдерди батырган,
Тең жарымы адам саны жагынан.
ОШ дегенде, мөмө жемиш төгүлүп,
Күндө конок дасторкону жайылган.

Жараткандын жандарынан бүткөндөй,
Ай ааламдан тамчы болуп түшкөндөй.
Кереметтүү ушул тоону айланып,
Сыйынууга мүмкүнчүлүк түзгөндөй.

Кандай айтсак эмне десек жарашат?
Окуу жай көп эшик ачып талашат.
Студенттик күндөрүбүз өтсө деп,
Жаштарыбыз күн түн ойлоп самашат.

Дагы канча кылым жашайт билбейбиз,
Жандай көрүп жакынындай сүй дейбиз.
Жашоо жайың ОШ шаарында болгон соң,
Кереметтүү таза өмүр сүр дейбиз.

## СҮЙҮНҮЧТӨН ЖҮРӨГҮМ

Көп ыр жаздым өткөн өмүр жашоому,
Тандап алдым ырга салып баштоону.
Окусун деп, баалап барктап балдарым,
Китеп жаздым кылымдарга сактоону.

Дем күч берген балдарымды сыйладым,
Турмуш татаал кээде жашып ыйладым.
Ар намыстуу адам болгун кызым деп,
Ата энемдин айткан сөзүн кыйбадым.

Мына бүгүн колго тийип китебим,
Сүйүнүчтөн жарылчудай жүрөгүм.
Жүздөн ашуун ырды ичине батырып,
Сабын улап бир акындын тизмегин.

## ТҮН УЙКУДА ТҮШ КӨРҮҮ

Сен эмессиң бирок жүрөт элесиң,
Ашуу ашып жүргөндөй бир белестин.
Түн жамынып түйшүктүү бир жан жүрөт,
Бейиш бактан көрүнгөнсүп каректин.

Кадимкидей күзөтүп сен жүргөндөй,
Тамашалап каткырышып күлгөндөй.
Канча жылдар караан үзүп кетсе да,
Кошо жашап бирге өмүр сүргөндөй.

Ар күн эмес кээ бир күнү көрөсүң,
Түн уйкуңду төрт бөлүккө бөлөсүң.
Таң атпай тур, сен жанымдан кетпе деп,
Таппай калып көз жашыңды төгөсүң.

Жакындардан айрылгансың кап качан,
Урпактарга эсеп жетпейт санасаң.
Жүрөк калган жүлүнүңө суу жетпей,
Баары сендей кан жутушуп кайгырган.

Шүгүр дейсиң бир оокумда ойгонуп,
Куран окуп оң жагыңа толгонуп.
Түш экенин түшүнбөй да каласың,
Көзүңдү ачып уйкусурап ойлонуп.

Бир күн эмес бир күн кетип каласың,
Жай тараптан четтен оорун аласың.
Коргон уруп жакындарың чакырып,
Гүлдөтүп сен бакты тигип саласың.

Өмүр өлүм бирдей келет жандарга,
Шүгүр дейлик ыйман жолго салганга.
Байлык-бийлик баары калат артыңда,
Насип кылсын бейиш бакка барганга.

# БАЛАЛЫКТЫН ИЗДЕРИ

Артта калды балалыктын издери,
Ал издерди кимдер жоктоп издеди?
Ошондогу ошол баёо сезимдер,
Калып калды каректерде көздөгү.

Бир үй бүлө болот элек ынтымак,
Биздин үй деп тизип алып таш кынап.
Бирибиз чал, кемпир болуп кийинип,
Кулунчактан, атты минип камчылап.

Кымыз го деп, кымыздык чөп сыдырып,
Ылайдан нан төгөрөктөп бышырып.
Дастаркону даяр болуп калды деп,
Конок болуп келип кет деп чыкырып.

Чоң дөбөнүн түбүн түздөп жайгашып,
Бири-бирин аста карап  пайлашып.
Бизден дагы кооз жасап алды деп,
Кой сойдук деп, сууну куюп кайнатып.

Кеч киргенин билбей дагы калчы элек,
Кезүү келген маалда анан кайтчы элек.
Кошо чуркап козу-улактын артынан,
Адашканын коңшулардын тапчы элек.

Балалыкты кайра кайрып  бербестир,
Өкүнсөң да, өтүнсөң да келбестир.
Көз ирмемде ай-жылдардын өткөнүн,
Турмуш менен алпурушуп сезбестир.

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Бири түшөт бири жүрөт шайланып,
Тегеренип келе берет айланып.
Ак үйүбүз туруксуз бир жигиттей,
Жүргөн экен төрт аялга байланып.

Жаңы ажообуз кирбей коюп баш тартты,
Өз чечимин өзү чечип сөз айтты.
Ырымдадым туура түшүн мени деп,
Ажообузга ажайып бир таң атты.

Жемкорлорду жең ичинен кармады,
Жегендерин кустуруп да жайлады.
Жакпай жатат аракети дагы эле,
Алдамчынын заманына айланды.

Маянасын көтөрдү эле врачтын,
Айыктыра албай туруп анан жарасын.
Бычак менен менин кызмат акым деп,
Ойдо турам барып келгин жакын деп.

Камерадан коркуп табат айласын,
Ушуларга такыр күндү салбасын.
Өлүм - өмүр ортосунда турганда,
Баргын десе Коконго да барасың

Арам оокат өтө жакшы сиңирет,
Оокат сурайт ач көздүгүн билгизет.
Диагнозуң өтө оор деп көргөзүп,
Тыйын-тыпыр берсең анан киргизет.

Паракорлук жоюлбашын билебиз,
Көндүм болуп жашап эле жүрөбүз.
Элестетип ак калатты көргөндө,
Ден соолукту анан баалап сүйөбүз.

Врачтардын баарын айта албаймын,
Жакшыларын өтө сыйлап баалаймын.
Врачтардын атына шек келтирген,
Паракорго пикиримден кайтпаймын.






Ак бата




ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНА






АТТУУ БИЛИМ, ТАТЫКТУУ

## *Мазмуну*


Турмуштун күңгөй, тескейи .................................... 3
Кыргыз кызы элесим .................................... 4
Тил баян .................................... 5
Бир мүчөбүз – тилибиз .................................... 6
"Акындар ырды жазат" .................................... 7
Тил менен .................................... 8
Заманга .................................... 9
Жети дубан калкыма .................................... 10
Өзгөчөрөөк бул майрам .................................... 12
Сүмөлөктүн тарыхы .................................... 13
Туулган күнү Чыңгыздын .................................... 14
Ак элечек, ак калпак .................................... 15
Эне тилим – ыйык тил .................................... 16
Жазгы кар .................................... 17
Талантыңды таштаба .................................... 18
Элди көрөм .................................... 19
Аздектейли китепти .................................... 20
Өспүрүмдөргө .................................... 21
Мектебиме .................................... 22
Тоо койнунда сырлары .................................... 24
Өтүп кеткен залкарлар .................................... 25
Рыспай Абдыкадыров көчө аллеяга .................................... 26
Эгемен эл, жер үчүн .................................... 27
Садырга азаттык .................................... 28
Сүрөтчү эже даңкыңды эскерүү .................................... 29
Сема лицейине .................................... 30
Садырга сабыр берсин .................................... 31
Мигрант күндөрүмдөн .................................... 32
Көрө албастык .................................... 33
Мен да болгом мигрант .................................... 34
Бийликтеги төбөлдөргө .................................... 35
Эгемендик жогунан .................................... 36

Боюңду тартпа паанеке ....................................37
Гүлбүбүгө ....................................38
Төрт мезгилге....................................39
Балалык сезим ....................................40
Жазгы маал....................................41
Жай мезгил ....................................42
Жайлоодо өткөн өмүр ....................................43
Аяшым Таабалдыга....................................45
Акын инилериме ....................................46
Жаш муунга ....................................47
Балдарды куттуктоо ....................................48
Группанын айтышы....................................49
Аруу таң ....................................52
Бирге келген конокпуз ....................................53
Таңды тосуу....................................54
Балалык сезим ....................................55
Биз аялбыз ....................................56
Акыркы коңгуроого....................................57
Жандыктарга саясат....................................58
Ак боз атка ....................................59
Ош кайрыкка ....................................60
Сезимайдан салам ....................................61
Садырга салам ....................................62
Группага кайрылуу....................................63
Жашоонун кызыгы ....................................64
Иниме ....................................65
Күткөм мен да жаңы жыл....................................66
Кожожаш болгон экен элге баш....................................67
Салттуу оюн көк бөрү....................................68
Келет бир күн карылык ....................................69
Сагынып саламдашам ....................................70
Мугалимдин бейнесине ....................................71
Сапар улап ....................................72

Анардын арбагына ........................................73
Ак халатчан Бурмашка ....................................74
Аянычтуу тагдыр ..........................................75
Биз адамдар ..................................................76
Студенттик күндөр өткөн ................................77
Нике кайып ....................................................78
Сыймыктанып жашадым уул-кыздарыма............79
Ортактарга.....................................................80
Иним Арзыбекке.............................................81
Небереме .......................................................82
Конокторго ....................................................83
Тилегим балдарыма.........................................84
Апам өзү баштаган .........................................85
Туулган жерим жалпак-ташка ...........................86
Катар жүрөм сабында.......................................87
Үч капчал ......................................................88
Класссташ курбуларга......................................89
Алла берген периште.......................................90
30 жылдык жолугушуу.......................................91
Кош, ак мектеп ...............................................92
Уулум Бектурсунга..........................................93
Сары камыш ...................................................94
Кызым берметке .............................................95
Шүгүр кылам..................................................96
Жашоодон бир үзүм.........................................97
Балдарыма таазим ..........................................99
Келиниме .....................................................100
Жаш бойдон калып калдым .............................101
Жүк артпагын балдарга..................................102
Мезгил келет ................................................103
Келет бир күн карылык ..................................104
Кол ойнотуп комуз черткен агама ..................105
Кызым Бекзаадага .........................................106

Жашоодон кеткен учурда .................................. 107
Атама.................................................... 108
Турмуш жолуна ........................................... 109
Арман жашоо ............................................. 110
Кыздарымдын арманы ...................................... 111
Жолдошумдун бейнесине.................................... 112
Сүйүү келген ............................................ 113
Адашкан сүйүү ........................................... 114
Бул сезим ............................................... 115
Атаңдын арманы........................................... 116
Түштөгү сүйүү ........................................... 118
Майыптарга .............................................. 119
Нарктуу менин жеңекем ................................... 120
Ортомчубуз жеңекем....................................... 121
Жаныбардын жашоосу ...................................... 122
Маңка болуп калышты ..................................... 124
Байга ................................................... 125
Кайгылуу сапар........................................... 126
Армандуу апама........................................... 127
Ач көздөргө аманат ...................................... 128
Жаңы жашоо бердиңер ..................................... 129
Айнуракан сиңдиме........................................ 130
Китеп көркү жаратылыш из менен .......................... 131
Элмирбектин айкелине..................................... 133
Бактылуулук чоң түйшүк................................... 135
Чоң атадан чоң белек .................................... 137
Айылдын келиндери........................................ 138
Даңазасы кылымдардан кылымга............................. 139
Сүйүнүчтөн жүрөгүм ...................................... 140
Түн уйкуда түш көрүү .................................... 141
Балалыктын издери........................................ 143
Үзүлбөгөн үмүт .......................................... 144

**НАБИЕВА БАРИНУСА**

**ӨМҮРДҮН ӨР ЖОЛУНДА**

*Ырлар*

Редактору: *Б. Жанышов*
Техредактор: *Т. Батырканова*
Компьютердик калыпка салган:
*А. Кыдыралиев*

Басууга 22.06.2022 берилди. Форматы 60х84 1/16.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 9, 75 б.т.
Нускасы 100. Заказ № 15

"Мега Формат" басмасында басылды.



*Набиева Баринуса*
*1956-жылы 5-январда Өзгөн районунун*
*Жалпак Таш айылында төрөлгөн.*
*Ош кайрыктары адабий клубунун мүчөсү.*